№24 (3577)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# ЭРКИН-ТОО

Жума,
2024-жылдын
29-марты

www.erkin-too.kg

НУР уулу Досбол:

## "МАМЛЕКЕТТИ БАШКАРЫП ЖАТКАН ИНИЛЕРИМ БИЙЛИКТИН ТАТТУУ ДААМЫНА БЕРИЛБЕСЕ ДЕЙМ"



3-бетте

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ИШ ЖУМА
www.erkin-too.kg



№24 (3577)
2024-жылдын 29-марты

# АР ДАЙЫМ ЖЕҢИШТИН ҮСТҮНДӨ БОЛОЛУ



***Президент Садыр Жапаров борбор калаадагы Долөн Өмүрзаков атындагы стадиондо өткөн Кыргыз Республикасынын жана Кытайдын Тайбэй улуттук курама командаларынын ортосундагы футболдук беттешке катышты.***

13 миңден ашык күйөрман катышкан оюн кызыктуу өтүп, Кыргызстандын курама командасы 5:1 эсебинде жеңишке жетти. Оюн аяктагандан кийин Мамлекет башчысы Кыргызстандын футбол командасын ишенимдүү жеңиши менен кийим алмаштыруучу бөлмөгө барып куттуктап, күйөрмандарга жагымдуу маанай тартуулаганы үчүн ыраазычылык билдирди.

Садыр Жапаров футболчулардын даярдык деңгээлин, машыктыруучу штабдын ишин жогору баалап, Өлкөнүн улуттук курама командасы мындан ары да эл аралык мелдештерде ийгиликтерге жетишүүсүн каалады.



## Мажарстан менен байланыш

***Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев Мажарстан мамлекетинин Кыргызстандагы Атайын жана толук ыйгарым укуктуу элчиси Шандор Дорогини кабыл алды.***

Төрага Нурланбек Шакиев өткөн айда Мажарстанга жасаган расмий иш сапары ийгиликтүү болгонун белгилеп, эки өлкө ортосундагы саясий-экономикалык алакаларды, айрыкча парламенттер аралык кызматташтыкты кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн иш сапарды уюштурууга көмөк көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылык билдирди.

Мажарстандагы расмий иш сапарынын алкагында ал жакта окуган кыргызстандык студенттерге түзүлгөн шарттарга канааттанган айткан Нурланбек Шакиев, билим берүү тармагы боюнча кызматташтыкты улантуу зарылчылыгын кошумчалады.



## Жаңы учак Бишкекке конду

Кечээ "Манас" эл аралык аэропортуна "Airbus A320" үлгүсүндөгү жаңы учак келип конду. Ал жерде Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Кыргыз Республикасы өнүгүү жолуна түшкөнүн белгилеп, атайын жана аскердик техникалар, алдыңкы медициналык жабдуулар жана коомдук транспорт республикалык бюджеттин эсебинен сатып алынып жатканын билдирди.

## Дүйнөлүк банктын делегациясы келди

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Дүйнөлүк банктын Борбор Азия мамлекеттери боюнча аймактык директору Татьяна Проскурякова жетектеген делегация менен жолукту.***

Тараптар буга чейин жетишилген макулдашууларды ишке ашыруунун жүрүшүн жана эки тараптуу кызматташуунун келечектүү долбоорлорун ишке ашырууну, Дүйнөлүк банк менен Эл аралык валюта фондунун 2024-жылдын апрелинде боло турган "жазгы жолугушуулары", ошондой эле үстүбүздөгү жылдын июнь айында Австрияда боло турган энергетикалык форумду талкуулашты.

## Биргелешкен долбоорлор талкууланды

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров "Газпромбанк" акционердик коомунун Башкармалыгынын Төрагасынын орун басары Алексей Матвеев баштаган делегацияны кабыл алды.***

Тараптар республиканын энергетика, жол куруу, мамлекеттик сатып алуулар, банктык кошток, лизингдик кызмат көрсөтүүлөр жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк чөйрөсүндөгү инфраструктуралык долбоорлорун каржылоо маселелерин талкуулашты.

## КӨМҮР КАЗУУГА АЛЫНГАН ЖАҢЫ ТЕХНИКАЛАР

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Нарын облусуна болгон жумушчу сапарынын алкагында бир катар отун-энергетикалык объектилерди кыдырды.***



Төрага Нарын районундагы Куланак ГЭСинин курулушу менен таанышты. Объектиде 356 га аянтты түзгөн суу сактагычтын нугун тазалоо иштери жүргүзүлүп, гидротехникалык курулуштардын бардык участокторунда жер жумуштарынын көлөмүнүн жарымынан көбү бүткөрүлгөн, гидроэнергетика жана гидромеханикалык жабдуулар менен камсыздоо келишимдери Австриянын жана Түркиянын компаниялары менен түзүлгөн. Куланак ГЭСин 2026-жылдын аягына чейин ишке киргизүү пландалууда.

Андан ары Акылбек Жапаров Жумгал районундагы Миң-Куш кенинде жайгашкан Ак-Улак күрөң көмүр участкасында жана Жумгал районундагы Кара-Кече күрөң көмүр кенинин борбордук участкасында болду. Мындан тышкары, МинКаб Башчысы "Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасына жалпы баасы 211 миллион 125 миң сомдук атайын техника – HOWO маркасындагы 20 самосвал, 2 экскаватор жана 1 бульдозер тапшырды.

## САЛАМАТТЫКТЫ САКТООГО ӨЗГӨЧӨ МААНИ БЕРИЛЕТ

***ШКУга мүчө өлкөлөрдүн эл аралык медициналык конгрессин ачып жатып Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Саламаттыкты сактоо системасын өнүктүрүү өлкөбүз үчүн артыкчылыктуу багыттардын бири болуп саналарын жана Министрлер Кабинети аны стратегиялык жактан өнүктүрүүгө өзгөчө маани берерин айтты.***

Акыркы үч жылда саламаттыкты сактоо тармагын каржылоонун көлөмү эки эсеге көбөйүп, 2019-жылы 19,0 миллиард сом, 2023-жылы 38,0 миллиард сом бөлүнгөнүн билдирди. Көрүнүктүү окумуштуу жана клиник, академик, Социалисттик Эмгектин Баатыры Мирсаид Миррахимовдун жаркын элесине арналган конгресске 400гө жакын медицина кызматкерлери, анын ичинде 100дөн ашуун чет элдик конокторд, академиктер жана дүйнөгө белгилүү окумуштуулар катышты.

## 1,5 млн долларлык аппарат орнотулду

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборуна жүрөк-кан тамыр ооруларын диагностикалоо жана дарылоо үчүн сатып алынган заманбап жабдууларды тапшырды.***

Борборго эл аралык стандарттарга жооп берген жаңы премиумкласстагы "Азурион 7" ангиографиялык аппараты орнотулду. Жалпы суммасы 1,5 млн долларды түзгөн бул долбоор Бүткүл дүйнөлүк банктын колдоосу аркылуу ишке ашырылды.

Алдыда Кытай Эл Республикасынын, Россия Федерациясынын жана Казакстан Республикасынын алдыңкы дарыгерлери Кыргыз Республикасына келген. Алар жүрөк-кан тамыр оорулары менен ооруган жарандарга уникалдуу операцияларды жасаары пландалууда.

## ЧҮЙ ӨРӨӨНҮНДӨГҮ ЖАҢЫ ИШКАНАЛАР

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Чүй облусуна болгон иш сапарында бир катар өнөр жай ишканаларында болду.***



Токмок шаарындагы «Центр Азия Табак» тамеки продукцияларын, таякчаларды жана электрондук тамекилерди чыгаруучу ишканадан сапарын баштады. Ишкана быйыл ишке киргизилет. Даяр продукция Кытай, Азия жана Араб өлкөлөрүнө экспорттолот. Заводдо 2 миң жумушчу орун түзүү жана ишке киргизүү 2024-жылга пландалууда. Алгачкы капиталдык салым 100,0 млн АКШ долларын түзөт. Келечекте капиталдык салымдардын жалпы көлөмү 500,0 млн АКШ долларына жетет.

Ошондой эле ал, Кемин районундагы Терек-Таш клинкер чыгаруучу заводдун курулушунун жүрүшү менен таанышты. Заводду үстүбүздөгү жылдын август айында ишке киргизүү күтүлүүдө. Ишкананын өндүрүштүк кубаттуулугу суткасына 3800 тоннаны (жылына 1 миллион тоннадан ашык) түзөт. Инвестициялардын жалпы суммасы 160,0 млн АКШ долларын түзөт.

Акылбек Жапаров «Бурана Текстиль» текстиль фабрикасынын курулушунун жүрүшү менен да таанышты. Ишкана курулушту аяктоо стадиясында турат. Фабрика толук өндүрүштүк кубаттуулукта иштесе, 500гө чейин жумушчу орун түзүүгө болот. Долбоорго инвестициянын жалпы көлөмү 2 миллион долларды түзөт.

Акылбек Жапаров иш сапарынын алкагында «Үмүт и К» сүт азыктарын жана макарон азыктарын чыгаруучу заводго барды. Заводдо 300гө жакын адам иштейт. Учурда бул жерде жашылчаларды кайра иштетүүчү цехтин жана 40 миң тонналык картошка сактоочу комплекстин курулушу жүрүп жатат.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

## АРЧА-БЕШИКТЕГИ МАСЕЛЕ ЧЕЧИЛЕТ



Буга чейин нөшөрлөп жааган жамгырдын кесепетинен "Манка-Жар" коктусундагы сел тосмодон суу ташып, анын кесепетинен Бишкектеги Арча-Бешик конушунун көчөлөрүн жана үйлөрдү каптап конуш жашоочуларына ыңгайсыздыктарды жаратып келген. Мындай иштер дагы кайталанбашы үчүн Бишкек шаарынын мэри Айбек Жунушалиев буга чейин сел жүргөн жерлерди толугу менен карап чыгып, жашоочулар менен жолугушуу өткөрүп, селдин кесепеттерин жеринде тез арада жоюуну тапшырды. Маселени чечүү үчүн "Манка-Жар" коктусуна суу топтоочу курулманы орнотууга жергиликтүү бюджеттен акча бөлүнөт. Ушу тапта жеринде атайын техника иштеп, сел жүргөн конуштун көчөлөрүн тазалоо иштери жүрүп жатат.

## ООРУНУН АЛДЫН АЛАЛЫ

Эмдөөдөн өтпөгөн балдар мектепке жана бала бакчаларга кабыл алынбайт. Бул тууралуу Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунун иммунопрофилактика бөлүмүнүн жетекчиси Бурул Асыкбекова билдирди. Себеби, өткөн жылы балдар арасында кызамык көп катталып, айрым мектептер, бала бакчалар жабылган учурлар кездешкен. Адистер эмдөөдөн өтүү тууралуу ата-энелер менен чогуу иш алып барып, маалымат берүү иштери уланууда.

## ЭЛ АРАЛЫК АДИСТЕШТИРИЛГЕН КӨРГӨЗМӨ ӨТӨТ

Бишкекте 2-4-апрелде “Кыргыз Республикасындагы саламаттыкты сактоо жумалыгы– MedExpo 2024” 18-эл аралык адистештирилген көргөзмөсү өтөт. Ал эми 23–25-апрелде “Курулуш жана интерьер” көргөзмөсү болот. Бул иш-чарага дүйнөнүн 13 өлкөсүнөн 156дан ашык компания катышуусу күтүлүүдө.

## “ЖАШЫЛ БЕРЕТ”



26-мартта Коргоо министрлигинин атайын багыттагы аскер бөлүгүндө жашыл берет кийүү укугуна ээ болуу үчүн сынак өттү. Жашыл берет кийүүгө 52806 аскер бөлүгүнүн аскер кызматкерлери катышты. Күч сыноо үчүн аскер кызматчысы 1 жыл ичинде дисциплинардык жаза албай кызмат өтөсө, саламаттыгы жакшы болуп, теориялык сабактардан тесттерди ийгиликтүү тапшырса гана катыша алат. Аскерлер 10 километрге марш жасап, тактикалык, ок атуу, жана башка даярдыктары текшерилди. Бул сынактын жыйынтыгы 30-мартта аскер бөлүктүн түзүлгөн күнүндө чыгарылып, жашыл берет аскер кызматкерлерине салтанаттуу кийгизилет.

## ҮЙ-БҮЛӨ КОДЕКСИНИН ЖАҢЫ РЕДАКЦИЯСЫ

Үй-бүлө кодексинин жаңы редакциясы өлкөдө үй-бүлө институтун бекемдөө, үй-бүлөлүк жана балдарга карата зомбулукту болтурбоо, алдын алуу, ата-эненин жана балдардын бейпилдигин камсыздоого багытталган Үй-бүлө кодексинин жаңы редакциясы февралдын аягында коомдук талкууга чыгарылган.

Бул багытта 27-мартта Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри Гүлнара Баатырова Улуттук Илимдер Академиясында өткөн тегерек столдо үй-бүлө кодексинин жаңы редакциясынын долбоору тууралуу маалымат берди. «Үй-бүлө мыйзамдарын өркүндөтүү зарылчылыгы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген “2021–2026-жылдарга инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы Концепциясын” ишке ашыруу менен шартталган. Концепцияга ылайык, үй-бүлөнүн башкы милдети – терең жана ар тараптуу руханий адеп-ахлактык негиздерди түптөө, жарандык-патриоттук сезимдерди өнүктүрүү үй-бүлө кодексин иштеп чыгууда үй-бүлөнү колдоого жана салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды, анын ичинде салттуу үй-бүлө институтун сактоого, үй-бүлөлүк жашоого мыйзамсыз кийлигишүүнү болтурбоого, ата-энесинин камкордугусуз калган балага үй-бүлөлүк чөйрөнү камсыз кылууга көңүл бурулган”, – дейт Гүлнара Баатырова.

Жаңы редакцияга турмуштук оор кырдалда турган балдарга карата көрсөтүлүүчү социалдык кызматтарга өзгөртүүлөр жана толуктоолор да камтылган.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

АКСАКАЛДАН АЛГЫ КЕП
www.erkin-too.kg



**Тарых илимдеринин доктору, профессор НУР уулу Досбол:**

# “ЖЕМКОРЛУККА КАРШЫ КҮРӨШ ӨТӨ КАТУУ ЖҮРҮП ЖАТАТ”

***Бир кездеги Билим берүү жана илим министри, Мамлекеттик катчы, вице-премьер-министр, Ж.Баласагын атындагы КУУда ректорлук кызматты аркалаган Нур уулу Досбол ушул күндөрү Улуттук илимдер академиясында эмгектенип жаткан чагы. Биз аны менен учурдагы коомдук-саясий маселелердин айланасында баарлаштык.***

**- Досбол агай, коомдук-саясий кырдаалды сыдыргыдан өткөрүп турсаңыз керек. Тажрыйбалуу, мамлекетчил инсан катары учурда өлкө жетекчилерибиздин аракетин кандай баалап жатасыз? Аксакал катары деле сунушуңуз, кеп-кеңешиңиз бардыр...**

- Учурда мамлекетти жетектеп турган инилеримде тажрыйба жагы аз болгону менен аракеттери абдан күчтүү болуп жатат. Мен бир гана мисалды айтайын. Үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айындагы ИДПнын өсүүсү 8%дан ашыптыр. Бул абдан чоң көрсөткүч жакынкы 2 айдын гана мисалы. Эгерде биз ушундай өсүү ыргагы менен кетсек, өлкөбүз кыйынчылыктан акырындык менен чыгып кетет. Бул үчүн болгону убакыт керек. Президенттин, Министрлер Кабинетиндеги жетекчилердин иштери, аракеттери абдан жакшы. Купулга толот. Изги иштерин четинен санасаң гезит бети түт келбейт. Буга чейин иштеп кеткен 5 президентке салыштырмалуу азыркы Президент Садыр Жапаров эл-жерибиз үчүн башын сайып иштеп жатат. Буга дейре жердешчилик, жек-жааттык, үй-бүлөлүк башкаруу болуп келсе, азыркы мамлекет жетекчилери эл үчүн иштешүүдө. Ошондуктан, азыркы бийликке Кудайдын көзү түз болсун. Биздин мамлекетти башкарып жаткан инилерим бийликтин “таттуу даамына берилбей”, азыркыдай ийгиликтерине баштары айланбай, ушундай колдоого алчу жүрүшүнөн жазышпаса экен дегим келет. Мамлекет башына келген жетекчилер өлкө ичиндеги ички иштерди башкалардын, айланасындагылардын көзү менен көрүп калган көрүнүштөр буга чейинки тарыхыбызда далай ирет кайталанган. Ушундай көрүнүштөрдөн Кудай сактасын!

**- Жаңылбасам, сиз кезегинде Мамлекеттик катчы болуп турганыңызда ошол кызмат жоюлган эле. Азыр Мамлекеттик катчылык кызмат кайрадан уюшулуп, иш жүргүзүп жаткан чак. Айтыңызчы, бир кезде бул институтту жоюп салып, эмне таптык?**

- Жоюп салуу менен эч нерсе деле тапкан жокпуз. Биздин убакка салыштырмалуу бул институттун укугу азыр чектелүү го деп ойлоп коем. Ачык айтканда, Мамлекеттик катчынын иши өтө оор. Эң оболу өлкөдөгү мамлекеттин алган багыты, келечеги, өнүгүүсү болгон жалпы идеологияны көтөрүү керек. Азыркы Мамлекеттик катчы Сүйүнбек Касмамбетов камчы салдырбай, жакшы иштеп жаткандыгы жалган эмес. Өзү сөзмөр, мага караганда көптөгөн жылдардан бери саясаттын казанында кайнап, башы бышкан, кезегинде мамлекет жетекчисинин чыныгы үлгүсүн көрсөткөн айтылуу Турдакун Усубалиевичке окшогон дөө-шаа легендалар менен иштешкен, бай тажрыйбага ээ мамлекетчил инсан. Сүйүнбек Касмамбетовдо Турдакун Усубалиевичтен жуккан акылмандык сапаттар бар. Аныгында Мамлекеттик катчынын колунда каржылык жактан бийлиги жок. Өзү уюштурган иштерди иш жүзүнө ашырганга толук мүмкүнчүлүгү болбой калат. Ошондуктан, өлкө жетекчилиги Мамлекеттик катчы институтуна шарттарды түзүп берсе, өтө чоң мүмкүнчүлүккө ээ болот. Мамлекеттик идеология жагынан көп иштерди дагы да жүзөгө ашырышы керек.

**- 2000-жылдагы Парламенттин экинчи чакырылышына болгон шайлоодо сиз жеңишке жеткениңиз менен мандатыңызды сот аркылуу тарттырып жибергениңизден кабардармын. Азыр да ошондой көрүнүштөр кайталанып жаткандыгы, баарынан кызыгы мандат талаш учурда арадан 2-3 жыл өткөндөн кийин болуп жаткандыгында болууда. Мындай көрүнүштүн келечеги кандай болот?**

- Элди бузуп-жарган шайлоо бул шайтандын иши экенин далай ирет башыбыздан өткөрдүк. Союз мезгилинде Кыргызстанда жашыруун трайбализм болсо, 30 жылда бул жаман илдет ачыкка чыгып кетти. Акыры мунун кесепети мамлекеттин өнүгүүсүнө залалын тийгизди. Ооба, өз мезгилинде депутаттыкка таза жеңиш менен жеткениме карабай Жогорку Сот аркылуу мандатымдан айрылгам. Бул эми өткөн тарых. Өз кезегинде мен муну жазып чыккам. Биз азыр партиялык система менен шайлоого барганга толук калыптана элекпиз. Кыргызстандын саясий маданиятында партиялык система бир кишинин “бизнесине” айланып калганын буга чейинки бийлик учурунда толугу менен көрдүк. Азыр деле бир мандаттуу же партиялык система менен шайлоо болобу кандай болгон күндө да айыл-айыл, алтургай бир үй-бүлөнүн ичи бөлүнөт. Ал эми азыркыдай шартта кайсы бир депутаттын күнөөсү болсо, анын мандатын дароо тартып албай, башкача деле жазаласа болот. Ортодон 2-3 жыл убакыт өтүп кеткен соң “мандаты туура эмес берилген” деп депутаттыктан ажыратып коюш болбойт. Анда убагында депутаттык мандат берген тиешелүү жетекчилерди дагы жазага тартыш кажет. Алар дагы жазалансын да, туурабы? Бул жагы азыр саясатташып кетти. Ким болбосун, мыйзам “алаланбай”, баарына бирдей болушу зарыл.

**- Мындай көрүнүштү бир эсе жемкорлукка каршы күрөш катары сыпаттап, колдоого алсак болобу?**

- Акча бар жерде жемкорлук эч качан болбой койбойт. Жемкорлукка каршы күрөш бул бийликтин тушунда өтө катуу жүрүүдө. Ушундай ыргак менен улантыла берсе буюрса, алдыда өлкөбүз бир топ жагынан тазаланып калат. Дүйнөнүн тарыхында Иван Грозный менен Иосиф Сталиндин башкаруу мезгилинде жемкорлук өтө ылдыйлаганы белгилүү. Аталган эки жетекчинин үй-бүлөлөрү баш болуп, жемкорлукка каршы күрөшүшкөн. 1970-жылдары Израилдин андагы өкмөт башчысы Голда Меир “жемкорлукту жок кылып, мамлекетиңди таза кармайм десең, колу туткак жемкордун жети тукумуна чейин мамлекеттин душманы катары эсептөө зарыл. Алардын тукуму эч качан баш көтөрө албашы керек” деп айтканы бар. Мен буларды эринбей тизмектеп жатканым азыркы бийликтин, өзгөчө Садыр Жапаров менен Камчыбек Ташиевдин жемкорлукка каршы күрөшүн, “мамлекетти ууруулардан тазалайлы” деген ниет-тилектерин И.Грозный менен И.Сталиндин күрөшүнө салыштырат элем. Айтканга оңой болгону менен жемкорлукка каршы күрөш өтө оор, ары жоопкерчиликтүү жумуш. Бирок, бул күрөштү баштаган соң, аягына чыгуу зарыл. Эгерде аягына чыкпасаң алар кайра күрөш жүргүзгөндөрдүн өздөрүнө зыян келтириши мүмкүн. Азыркы бийликтин көп аракеттери, айрыкча ууруларга каршы күрөшү кубаттаарлык деп билем.

**- Бир курдай маегиңизде сиз азыркы Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров менен үзөңгүлөш иштешкендигиңизди айтканыңыз бар. Азыр бир кездеги кесиптешиңиздин ишине баам салып жатсаңыз керек...**

- Жеке мамилебиз абдан жакшы. А бирок, азыр көп байланыш жок. Анткени, ал киши учурда мамлекеттин ишин аткарып жатат. Ага байланышкан бир жөнөкөй чындыкты кеп кезеги келгенде айтып коеюнчу. Акылбек Жапаров энергияга абдан бай жигит. Президент тарабынан бүгүнкү күнгө эң туура тандалган кадр деп эсептейм. Биздин экономикабыз 30 жылдын ичинде артка кетип, Тажикстандан да артта калып калганбыз. Союз жоюлган мезгилде биз ИДПнын көлөмү, өсүшү боюнча Орто Азияда биринчилерден болгонбуз. 30 жылда экономикалык жактан “мышык ыйлай” турган абалга кептелип, 2020-жылы жаңы бийлик келип, кайрадан түптөш үчүн көп нерсеге аракет кылып жатат. Ошондой иштердин “мотору” катары Акылбек Жапаров бел чечпей иш алып барууда.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 16-ДЕКАБРЫНДАГЫ №702 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДЕГИ СООДА ӨКҮЛЧҮЛҮКТӨРҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Тышкы экономикалык иштин натыйжалуулугун жогорулатуу жана чет мамлекеттерде Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №702 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги соода өкүлчүлүктөрү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги соода өкүлчүлүктөрүн уюштуруу тартибинде:

- 8-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«- соода павильондорун/үйлөрүн ачууга көмөктөшүү, ата мекендик товарларды илгерилетүүгө талдоо жүргүзүү;

- Кыргыз Республикасынын ата мекендик товарларын сатуу үчүн келген өлкөдөгү соода павильондоруна/үйлөрүнө документтерди коштоо жана ырастоону (авторизацияны) берүү жана андан кийин тиешелүү мамлекеттик органдарга отчеттору берүү менен ата мекендик товарларды илгерилетүү жүзөгө ашырылып жаткан өлкөлөрдөгү мындай павильондордун/үйлөрдүн ишин координациялоо.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 15-марты, №113***

## Д.ӨМҮРЗАКОВ АТЫНДАГЫ СТАДИОНДУН ЧАКАН СПОРТТУК АРЕНАСЫН БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИГИНЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Д.Өмүрзаков атындагы стадиондун чакан спорттук аренасын сактоо жана андан ары натыйжалуу пайдалануу, спортту өнүктүрүү жана Бишкек шаарынын калкынын ден соолугун чыңдоо максатында, "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5, 6-статьяларына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин оперативдүү башкаруусунда турган төмөнкүдөй мамлекеттик менчик объекттерин Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине акысыз өткөрүп берсин:

- Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү, 17/7 дареги боюнча жайгашкан, идентификациялык коду: 1-02-04-0060-0293, аянты 0,4428 га жер участогу менен турак эмес жайды;

- Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү, 17/7 дареги боюнча жайгашкан, идентификациялык коду: 1-02-04-0060-0292, аянты 0,187 га жер участогун.

**2.** Бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн объекттер чакан спорт аренасын реконструкциялоо жана абаттоо үчүн Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп берилет деп белгиленсин.

**3.** Бишкек шаарынын мэриясына белгиленген тартипте төмөнкүлөр сунушталсын:

- бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн объекттерди муниципалдык менчикке кабыл алуу;

- зарыл болгон иш-чараларды жүзөгө ашыруу жана өткөрүп берилүүчү объекттерди максаттуу багыты боюнча так пайдалануу;

- бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн объекттерди кайра мамлекеттик каттоодон өткөрүү.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президентин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 15-марты, №114***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 24-ДЕКАБРЫНДАГЫ №333 "ЖАЛПЫ ПАЙДАЛАНУУДАГЫ АВТОМОБИЛЬ ЖОЛДОРУ БОЮНЧА ӨТҮҮ ҮЧҮН ЖЫЙЫМДЫН ӨЛЧӨМҮ ЖАНА АНЫ АЛУУНУН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №333 "Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча өтүү үчүн жыйымдын өлчөмү жана аны алуунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча өтүү үчүн жыйымдын өлчөмү жана аны алуунун тартиби жөнүндө жободо:

- 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5. Жыйымдын базалык өлчөмү Кыргыз Республикасынын калкынын негизги социалдык-демографиялык топтору үчүн күнүмдүк жашоо минимумунун 1/200 бөлүгү өлчөмүндө белгиленет, аны аныктоодо негиз катары жүктөрдү ташуу үчүн пайдаланылуучу N - транспорт каражаттарынын категориясы алынган. Төмөнкүдөй формула боюнча эсептелет:

CN1 = ЖМд*L, мында ЖМд - калктын негизги социалдык- демографиялык топтору үчүн күнүмдүк жашоо минимуму;

L - 1/200;

ЖМд = ЖМ/К, мында ЖМ - 2022-жылга карата Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча ар айлык жашоо минимуму;

С - бир айдагы күндөрдүн саны (30 күн);

ЖМд = 7178,32/30 = 239,3;

CN1 = 239,3*1/200 = 1,2 сом (тегеректелгенде 1 сом).

CN1 - 1 сом, жүк ташуучу транспорт каражаттарынын N1 категориясы үчүн базалык тариф жана N2 жана N3 категориялары үчүн тиешелүү түрдө 2 сом (максималдуу салмагы 12 тоннадан көп болгондугуна байланыштуу).

Жүргүнчүлөрдү ташууну жүзөгө ашырган транспорт каражаттарынын М1 жана М2 категориялары үчүн жыйым тиешелүү түрдө минималдуу тарифтин 5%ына жана 10%ына барабар же:

СМ1 = CN1 х 5% же 1 х 5% = 0,05 сом (тегеректелгенде 0,1 сом);

СМ2 = CN1 х 10% же 1 х 10% = 0,1 сом.";

- 6, 7-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын;

- жогоруда аталган Жобонун тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 15-марты, №115***

## "АКЫЛДУУ ШААР" ДОЛБООРУНУН "КООПСУЗ ШААР" КОМПОНЕНТИН ИШКЕ АШЫРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоону өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 12-майындагы №122 "Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө санариптик трансформациялоону андан ары өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгына, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 3-бөлүгүнүн 10-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Инфоком" мамлекеттик ишканасы жана "Кыргызтелеком" ачык акционердик коому "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында атайын контролдук-өлчөөчү техникалык каражаттарды колдонуу менен фиксацияланган транспорт агымы, видеобайкоо маалыматтары жана Жол кыймылынын эрежелерин бузуулар жөнүндө комплекстүү маалыматты күнү-түнү, автоматтык түрдө үзгүлтүксүз берүү боюнча кызмат көрсөтүүчү болуп аныкталсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №257 "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин кээ бир маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Инфоком" мамлекеттик ишканасынын уставында:

- төмөнкүдөй мазмундагы $3^1$-пункт менен толукталсын:

"$3^1$. Ишкананын мамлекеттик башкаруу органы болуп Министрлик эсептелет.";

- 10-пункттун 1-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы жыйырма тогузунчу жана отузунчу абзацтар менен толукталсын:

"- мамлекеттик башкаруу органы жана анын ведомстволук бөлүмдөрү үчүн маалыматтык системаларды иштеп чыгуу, ишке киргизүү, техникалык коштоо жана модернизациялоо;

- "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында атайын контролдук-өлчөөчү техникалык каражаттарды колдонуу менен фиксацияланган транспорт агымы, видеобайкоо маалыматтары жана Жол кыймылынын эрежелерин бузуулар жөнүндө комплекстүү маалыматты күнү-түнү, автоматтык түрдө, үзгүлтүксүз берүү боюнча кызмат тарды көрсөтүү.".

**3.** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча башкы башкармалыгы менен макулдашуу боюнча "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында атайын контролдук-өлчөөчү техникалык каражаттар жайгаштырыла турган жолдордун, кесилиш жолдордун тизмегин аныктоого ыйгарым укук берилсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги:

1) "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында атайын контролдук-өлчөөчү техникалык каражаттарды колдонуу менен фиксацияланган транспорт агымы, видеобайкоо маалыматтары жана Жол кыймылынын эрежелерин бузуулар жөнүндө комплекстүү маалыматты күнү-түнү, автоматтык түрдө, үзгүлтүксүз берүү боюнча кызматтарды көрсөтүүгө техникалык талаптарды иштеп чыксын жана бекитсин;

2) "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында атайын контролдук-өлчөөчү техникалык каражаттарды колдонуу менен фиксацияланган транспорт агымы, видеобайкоо маалыматтары жана Жол кыймылынын эрежелерин бузуулар жөнүндө комплекстүү маалыматты күнү-түнү, автоматтык түрдө, үзгүлтүксүз берүү боюнча кызматтарды көрсөтүүнү Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Инфоком" мамлекеттик ишканасынан жана "Кыргызтелеком" ачык акционердик коомунан атайын контролдук-өлчөөчү техникалык каражаттарды колдонуу менен фиксацияланган жол кыймылынын эрежелерин бузуудан бир жолу алынган жана төлөнгөн айып үчүн 200 (эки жүз) сом баада бир булактан алуу методу менен сатып алууну жүргүзсүн;

3) "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруу боюнча жол картасын бекитсин.

**5.** Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Инфоком" мамлекеттик ишканасына, "Кыргызтелеком" ачык акционердик коомуна ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн кызматтарды көрсөтүү үчүн зарыл болгон уруксат берүүчү документтерди тездетип алууга көмөк көрсөтсүн.

**6.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 19-июлундагы №255-б буйругу;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 8-майындагы №127-б буйругу.

**7.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**8.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 15-марты, №116***

## «КУМТӨР ГОЛД КОМПАНИ» ЖАБЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНУН, «КЫРГЫЗАЛТЫН» АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНУН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ОРТОСУНДАГЫ АЛТЫНДЫ ЖАНА КҮМҮШТҮ САТУУ ЖӨНҮНДӨ КАЙРА КАРАЛГАН КЕЛИШИМДИН ДОЛБООРУН ЖАКТЫРУУ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

«Центерра Голд Инк» компаниясынын «Кумтөр» долбоорунан чыгуусуна байланыштуу Кумтөр кенинин үзгүлтүксүз жана натыйжалуу иштешин камсыз кылуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** «Кумтөр Голд Компани» жабык акционердик коомунун, «Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун жана Кыргыз Республикасынын атынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ортосундагы Алтынды жана күмүштү сатуу жөнүндө кайра каралган келишимдин долбоору ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда жактырылсын.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 5-июнундагы №355 «Кумтөр» долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө макулдашуудан келип чыккан макулдашуулардын жана келишимдердин долбоорлорун жактыруу тууралуу» токтомунун 1-пунктунун төртүнчү абзацы;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 8-октябрындагы №207 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, «Кыргызалтын» ачык акционердик коому менен «Кумтөр Голд Компани» жабык акционердик коомунун ортосундагы 2009-жылдын 6-июнундагы «Кумтөр Голд Компани» жабык акционердик коомунун атынан «Кумтөр Оперейтинг Компани» жабык акционердик коому менен Кыргыз Республикасынын атынан «Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы алтынды жана күмүштү сатуу жөнүндө кайра каралган келишимге кошумча макулдашуунун долбоорун жактыруу жөнүндө» токтому.

**3.** «Кумтөр Голд Компани», «Кумтөр Оперейтинг Компани» жабык акционердик коомдоруна, «Кыргызалтын» ачык акционердик коомуна, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрүү сунушталсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын министрликтери жана административдик ведомстволору ишти уюштурсун жана ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет жана расмий жарыялanууга тийиш.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 15-марты, №117***




***Кыргызстанда 29-марттан 31-мартка чейин жаш киночулардын "Үмүт" XI эл аралык форуму өтөт. Бул форум быйыл Кыргыз эл артисти, белгилүү режиссер Бекеш Абдылдаевдин 90 жылдыгына арналып өткөрүлөт.***

Форумга кыргызстандык жана КМШ мамлекеттеринен жаш режиссерлор, программалардын директорлору, продюсерлер, кинотаануучулар катышат. Үч күн аралыгында чыгармачыл аянттарда мастер-класстар, лекциялар өтөт жана кыргызстандык режиссерлордун, ошондой эле башка өлкөлөрдөн келген форумдун катышуучуларынын тасмалары көрсөтүлөт. Иш-чарада кинофестивалдар жарманкеси өзгөчө орунду ээлейт. «Фестивалдар жарманкесинде» Post Space Film Camp кинолагерин көрсөтөт. Бул дүйнөлүк деңгээлдеги трендсеттер жана десижн-мейкерлердин жана Борбордук Азиянын жаңы иш баштаган таланттуу киночуларынын башын кошкон сейрек интеллектуалдык кинолагерь болуп саналат. Кинолагердин алкагында пайдалуу билим, байланыш, идеяларды жана кино долбоорлорду түзүү жана алдыга илгерилетүү үчүн жаңы дем, шык алууга болот.

Бизде жаңы көндүм жана билим алууну каалаган, дүйнөлүк кинонун тенденцияларына байкоо салган, эксперимент жасоодон коркпогон жаш, таланттуу киночулар көп. Бул жагынан мүмкүнчүлүк абдан чоң. Өзгөчө биринчи кыска метраждуу тасмаларды тартууга колдоо көрсөтүү керек.

Бул форум биринчи жолу 2013-жылы өткөрүлгөн. Анда жалаң улуттук тасмалар көрсөтүлгөн. Азыр белгилүү режиссер болуп калган Руслан Акундун "Салам, Нью-Йорк" тасмасы ошол форумда көрсөтүлүп, дүйнөгө сапарын баштаган. Ал эми 2016-жылдан тартып бул форум эл аралык форумга айланган. Анткени, дүйнөнүн бир топ өлкөлөрүнөн келген жаш режиссерлор, киноишмерлер, актерлор катышкан. Бул жылкы программа баштагы жылдардагы программаларга караганда алда канча бай жана ар түрдүү. Быйыл форумда ата мекендик жана КМШ өлкөлөрүнөн келген режиссерлордун 83 тасмасы көрсөтүлөт. Кыргызстанда режиссерлорду, кинематографисттерди даярдап чыгарган Кыргыз-Түрк "Манас" университети, Кыргызстандагы Америка университети жана Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университеттери бар. Бул окуу жайлардан жыл сайын көптөгөн жаш режиссерлор адистик алып чыгышат. Азыркы жаштардын дүйнө таанымы, кызыгуусу да аябай күчтүү.

Жаш режиссерлор кино тартууда көбүнчө каражат маселесинен кыйналышат. Бирок, ошондой кыйынчылыктарга карабастан алар тарткан кыска метраждуу, же документалдык тасмалар кинонун бардык суроо-талаптарына, эл аралык стандарттарага жооп бериш керек. Ал үчүн кинодогу үндүн, тасманын сапаты мыкты болушу абзел. Кандай гана тасма болбосун анын техникалык, мазмундук, көркөмдүк деңгээли жана мааниси жогору болушу шарт. Ошол үчүн бул форумда улуттук жана эл аралык программаларды ишке ашыруу каралган. Улуттук программаларда жаштарды азыр эмне көбүрөөк кызыктырат, алар жашап жаткан коомдогу тигил же бул окуяны, курчап турган турмушту кино аркылуу кандай чагылдырып жатканына көңүл бурулат. Форумга келген тасмаларды баалай турган эки калыстар тобу түзүлгөн. Бири улуттук программалар боюнча тартылган тасмаларды, экинчи тобу эл аралык программалар боюнча тартылган тасмаларды карашат. Адатта калыстар тобуна аты элге таанылган белгилүү кинорежиссерлор, киносынчылар чакырылат. Алар сынакка катышкан тасмаларга калыс, адилет баа беришет. Азыр режиссерлор тасманы өз каражаттарына тартышат. Кээде "Кыргызфильм" студиясы камера, үн жазуучу, монтаждоочу аппаратар менен жардам көрсөткөн учурлар да бар. Кантсе да "Үмүт" эл аралык кино форуму жаңы тасмаларды, жаңы, жаш режиссерлорду эл арасынан таап чыгып, аларды кинонун улуу, сыйкырдуу дүйнөсүнө аттандырууда чоң эмгек кылып келет.

**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**



АЧКӨЗДҮКТҮН АЗАБЫ...
www.erkin-too.kg

# МАТРАИМОВДУ МИЛЛИОНДОРУ МЫЙЗАМДЫН УКУРУГУНАН САКТАП КАЛГАН ЖОК

***Коомчулукта "коррупциянын символу", "Раим миллион" деген атка конгон Бажы кызматынын төрагасынын мурунку орун басары Раимбек Матраимовго "криматалык" Камчы Көлбаев жок кылынгандан кийин эл аралык издөө жарыяланган болчу. Ушул жумада эл аралык издөөдөгү "Раим миллион" Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети тарабынан Азербайжандын борбору Баку шаарынан өзү гана эмес кылмыш иштери ачылган үч бир тууганы Тилек, Руслан, Исламбек менен чогуу кармалып, Бишкекке жеткирилип, соттун чечими менен камакка алынышты. Раимбек Матраимовго Кылмыш-жаза кодексинин 169-беренесинин (эркиндигинен мыйзамсыз ажыратуу) жана 222-беренесинин (кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) негизинде тергөө иштери жүрүп жатат.***

2020-жылы октябрдагы парламенттик шайлоодон кийин элдик толкундоолор менен бийлик алмашкандан соң коомчулук тарабынан Раимбек Матраимовду жоопко тартуу талабы бийлик башчыларына катуу коюлган болчу. Ага чейин журналисттер тарабынан бир нече иликтөөлөр жарыяланып, анын коррупциялык империясы боюнча кеңири маалыматтар айтылып келген. Ал тургай жарандык активисттер борбордук аянтта "Реакция", "Реакция-2" деген аталыштагы наразычылык акцияларын дагы өткөрүшкөн. Бирок, ошол кездеги бийлик тарабынан эч кандай аракет болбой, "Факты бергиле" деген жооп узаган. Мындан улам Матраимовдун кылган ишин, жыйнаган дүйнө-мүлкүн иликтеп, укуктук баа берүү талабы улам жаңырып турду. Албетте, элдин мүдөөсү көз жаздымда калган жок, 2021-жылы Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети тарабынан Матраимовго коррупциялык схема түзгөн деген айып тагылып, темир торго киргизилди. Көп өтпөй мамлекетке 2 миллиард сом төгүп бергенден кийин үй камагына чыгарылганына күбө болгонбуз. Козголгон иштин негизиндеги соттук териштирүүдө Матраимов жемкорлук жасагандыгы боюнча күнөөсүн моюнга алып, ага 260 миң сомдук айып пул чегерилген.

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров "Кабар" Улуттук маалымат агенттигине маек бергенде "Раим Матраимовду бир эмес эки жолу кабыл алгам. Биринчисинде мыйзамдагы ууру Көлбаев экөөнү кабыл алгам. Ал жолугушууда Камчыбек Кыдыршаевич да болгон. Ошондо Көлбаевге катуу эскерткем, эски заманыңарды унуткула. Элди, бизнесмендерди тонобогула. Криминалдар бири-бириңерди өлтүрбөгүлө. Саясатчылардын, инвесторлордун бир тал чачы түшпөсүн. Мындан ары тынч, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жашагыла деп. Тилекке каршы элди тоноосу токтободу. Базарларда майда-чүйдө бизнестерге чейин үлүшкө олтуруп алыптыр. Кээ бир бизнесмендердин мүлктөрүн тартып алган фактылар аныкталды. Экинчисинде Райым Матраимовдун өзүн кабыл алып, эки миллиард төлөдүң, Эльдорадо соода борборуң, 10 батириң жана башка оокаттарың мамлекетке өттү. Эми мындан ары тынч өз оокатыңды кыл. Криминалдарга аралашпа, алар менен дос болбо деп айткам. Тилекке каршы, байланышын үзбөптүр да. Атайын кызмат анын криминал менен байланышкан иштерин таап чыкты. Мурда эми өз эрки менен эки миллиард төлөгөндөн кийин деп канча мүлкү бар экенин андан ары казган эмес. Бул жолу башкаларга каттап койгон мүлктөрүнүн баарын таап чыгышты. Мамлекеттин пайдасына өткөрүп атышат" – деп Матраимовду мындан ары мыйзамдуу жолго түшүп, тынч оокатын өткөрүүгө эки жолу чакырганын айткан болчу.

Дүнүйө адамды тынч отургузбайт экен да. Матраимов дагы мурунку адатына түшүп, таасирин арттыруу дымагын токтото алган жок. Мамлекеттин кирешелүү тармактарына бутактаган коррупциялык империясын жүргүзүп, саясаттагы таасирин кеңейтүүгө болгон аракетин токтотподу. Мурдагыдай саясий элита, жогорку кызматтагы аткаминерлер менен тынымсыз жолугушуп, өзү сүрөөнчү болгон депутаттар аркылуу Жогорку Кеңеште мактоо сөздөрүн жаадырып жатты. Атургай, криминал менен ымаласын кеңейтип, тактикалык пландарды түзүүгө киришип кетти. Чындыгында, акчанын күчү менен өлкөдөгү саясатты чече турган деңгээлге жетип калган эле. Буга 2020-жылдагы парламенттик шайлоо далил. Матраимовдор баштаган "Мекеним Кыргызстан" саясий партиясы шайлоодо акчага таянып, парламентти колго алабыз деген максат кылышкан. Бул тилеги ишке ашпай, элдик толкундоолор шайлоонун жыйынтыгын гана жокко чыгарбастан, бүтүндөй бийликтин алмашышына алып келди. Бул эч кимге жашыруун эмес. Матраимовдун кланы бийликти каалагандай өзгөртүп, өздөрүнүн кол баласын президенттикке алып келүүгө чукул калган болчу.

Азыркы бийлик жемкорлор менен криминалдардын башын "шылый чапканга" эрки жетти. Көлбаев менен Матраимовдун "мафиясына" каршы катуу күрөш жүрүп, Матраимов менен байланышта болгон 200дөн ашуун мамлекеттик кызматкер иштен алынды. УКМК төрагасы К.Ташиев: "Мындан ары Раим Матраимовдун кланы, кылмыштуу түрдө топтогон байлыгы мамлекеттин өсүп-өнүгүшүнө тоскоолдук жаратып, биздин саясий иштерибизге жолтоо болбошу керек" деп айткан.

Матраимов менен байланышы бар делген депутаттар мандатын тапшырды. Кыскасын айтканда, жетекчилерде эрк болсо, байлыгына ишенген эргулдарды дагы заматта ордуна коюп коёрун Раимбек Матраимовдун бүгүнкү абалы тастыктады.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

АКШУМКАРЛАР АЛГА!

# ДҮЙНӨЛҮК ЧЕМПИОНАТКА ЧЫГУУГА МҮМКҮНЧҮЛҮК ЖАРАЛДЫ

***Кыргызстандын футбол курамасы Кытайдын Тайбэйин 5-1 эсебинде жеңгенден кийин чоң үмүт жаралып, эми ушул дем менен кетсе кыргыз футболчулары дүйнө чемпионатына чыгарына ишеним пайда болду. Мамлекет колдоп, коомчулук сүрөп турса, мындан кийинки ири жеңиштер дагы колго тийип калышы ажеп эмес. Ал үчүн маңдай тер төккөн түйшүктүү жолдорду басып өтүү керек.***

2026-жылы өтө турган дүйнө чемпионатынын тандоо оюндарынын алкагында, Азия аймагындагы улуттук курамалардын 2-этаптагы кылчайнашкан беттештери өтүүдө. Анда 9 тайпа түзүлүп, 36 команда кийинки баскычка өтүү үчүн күч сынашууда. Биздин улуттук курама D тайпасында намыс талашып жатат. Үч күн мурунку Кытай Тайбэйи менен болгон оюндун жыйынтыгы менен кыргыз курамасы өз тайпасындагы позициясын бекемдеп алды. Тактап айтканда, Кытайдын Тайбэйин эки жолку беттеште жеңип, 6 упайга ээ болду. Жалпы 9 упай алып, тайпада биринчи орунга жайгашты.

Эми биздин курама 6-июнда өз үйүндө Малайзиянын курамасын кабыл алат. Ал эми 11-июнда конокто Омандын оюнчулары менен беттешет. Бул эки оюнда жеңишке жетсе, жок дегенде тең чыгуу болсо, Кыргызстан 3-этапка өтүп кетет. Албетте, ал этап оор. Кыйындар таймашат. Эгер анда мыктылыгын көрсөтсө, Дүйнө чемпионатына жол ачылат.

Дүйнө чемпионаты боюнча айта кетсек, Эл аралык футбол федерациясы (ФИФА) 2026-жылы өтө турган дүйнөлүк чемпионатка алгачкы жолу 48 команда катыша турганын жарыялаган. Мундиалдын жаңы эрежесине ылайык, дүйнөлүк чемпионаттын тайпалык оюндары 12 тайпадан туруп, ар бир тайпадан төрттөн команда жайгашат. 12 тайпадан биринчи жана экинчи орунду алган командалар жана үчүнчү орунду алган жана жыйынтыгы жакшы 8 курама кийинки баскычка чыгууга мүмкүнчүлүк алат. Мурда бул чемпионатка 32 гана курама катышуу укугун алып келген. Анда жалпы 64 оюн өткөрүлчү. 2026-жылдагы



чемпионатта жалпы 104 оюн болот. Турнир үч өлкөдө – АКШ, Канада, Мексикада өтүп, 56 күнгө созулат.

ФИФА буга чейин Азияга 4+1 квота берип келген болсо, мунусунда санын эки эсеге көбөйтүп, 8+1 квотага жеткирди. Бул кыргыз курамасынын Дүйнөлүк чемпионатка чыгуусуна чоң мүмкүнчүлүк жаратууда. Азыр Азия чөлкөмүндөгү мамлекеттердин 36 курамасы 9 тайпага бөлүнүп, дүйнөлүк чемпионатка чыгуу үчүн ат салышууда. Өз тайпасында 1-2-орунду алган 18 команда 3-этапка чыгат. Алар кайра 6дан 3 тайпага бөлүнүп ойноп, 1-2-орунду алган 6 курама Дүйнө чемпионатына түз жолдомо алат. Ашып калган эки квота 3-4-орунду алган күчтүү курамаларга ыйгарылат.

Бир караганда оңойдой көрүнгөнү менен мээнет кылчу өтө татаал жолдор турат. Ага талыкпаган эмгек керек. Маселен, Дүйнөлүк чемпионатка тандоо оюндарынын жалпы 5 этабы бар. Азыр «Ак шумкарлар» тандап алуу турунун 2-этабында ойноп жатышат. Биздин курама күчтүүрөөк деп эсептелгендиктен 1-этапка катышпай, 2-этаптан кошулган. Жогоруда белгилеп кеткендей, 9 тайпадан 1-2-орунду алган 18 команда гана кийинки 3-этапка өтөт. Алар 2027-жылы Сауд Аравияда өтүүчү Азия Кубогуна катышууга жолдомо алат жана Дүйнөлүк мундиалдын тандап алуу туруна катышат.

Кыскасы, кечээки жеңиштен кийин Кыргызстандын улуттук курамасынын Азия Кубогуна жана Дүйнөлүк чемпионатка чыгуусуна эң сонун мүмкүнчүлүк жаралып калды. Муну пайдаланып калуусу керек. «Ак шумкарлар» азыр эч нерсеге алагды болбостон курамын чыңдап, тынымсыз машыгууларды өткөрүп, алдыдагы оюндарда 1-2-орунду камсыздашы шарт. Мамлекет тарабынан дагы өтө жакшы көңүл бурулуп жатат, муну дагы футболчулар пайдаланып калышы зарыл. Биз чоң ийгиликтерди каалап, "акшумкарлардан" жалаң жеңиштерди күтөбүз.

**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН МАРКАЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 336, 345-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 31-декабрындагы №359 "Акциз салыгын санариптик башкаруу боюнча пилоттук (эксперименттик) долбоорду жүргүзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 1-пункттун биринчи абзацындагы "2023-жылдын" деген сөздөр "2024-жылдын" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-февралындагы №94 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 336 жана 345-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Акциздик жыйымдын маркасы менен төмөнкүлөр маркаланууга тийиш деп белгиленсин:

- 2023-жылдын 1-январынан тартып ТЭИ ТН 2203 товардык позициясында классификацияланууучу куюлган жана куюлбаган сыра жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 334-беренесинин 1-бөлүгүнүн 6-8-пункттарында көрсөтүлгөн тамеки буюмдары;

- 2024-жылдын 1-апрелинен тартып ТЭИ ТН 2202 товардык позициясында классификацияланууучу суулар, анын ичинде кант кошулмаларын же башка таттуу кылуучу, даам-жыпар жыт берүүчү заттарды камтыган минералдык жана газдалган суулар;

- 2027-жылдын 1-январынан тартып ТЭИ ТН 2202 товардык позициясында классификацияланууучу улуттук суусундуктар (бозо, максым жана жарма) КМС 891:2003 "Бозо" суусундугу" Техникалык шарттарына" жана КМС 980:2021 "Максым" жана "Жарма" улуттук суусундуктары" Техникалык шарттарына" ылайык жана балдар тамак- ашы Бажы бирлигинин "Тамак-аш азыктарынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентине (ТР ТС 021/2011) ылайык (мамлекеттик каттоо жөнүндө тиешелүү күбөлүгү болсо).

Ушул пунктта көрсөтүлгөн маркаланбаган акциздик товарлардын калдыктарын жүгүртүүгө маркалоо киргизилген датадан тартып 6 ай өткөндөн кийин тыюу салынат, буга жүгүртүүгө тыюу салуу мөөнөтү 2025-жылдын 1-январынан тартып белгиленген ТЭИ ТН 2202 товардык позициясында классификацияланууучу суулар, анын ичинде кант кошулмаларын же башка таттуу кылуучу, даам-жыпар жыт берүүчү заттарды камтыган минералдык жана газдалган суулар кирбейт.";

2) 4-пункттун үчүнчү абзацындагы "2024-жылдын" деген сөздөр "2026-жылдын" деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында акциздик жыйым маркаларын берүү жана колдонуу тартиби жөнүндө жободо:

- 7-пункттун экинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Чаптоочу жер бөтөлкөнү, кутуну же башка идишти ачуу убагында акциздик марка айрылгыдай болуп аныкталууга тийиш, буга ТЭИ ТН 2202 товардык позициясында классификацияланууучу суулар, анын ичинде кант кошулмаларын же башка таттуу кылуучу, даам-жыпар жыт берүүчү заттарды камтыган минералдык жана газдалган суулар үчүн бөтөлкө же башка идиш кирбейт.";

- төмөнкүдөй мазмундагы $7^1$-пункт менен толукталсын:

"$7^1$. ТЭИ ТН 2202 товардык позициясында классификацияланууучу сууларды, анын ичинде кант кошулмаларын же башка таттуу кылуучу, даам-жыпар жыт берүүчү заттарды камтыган минералдык жана газдалган сууларды маркалоо капкагына же продукцияны ачуу үчүн арналган жерге жүргүзүлөт. ТЭИ ТН 2202 товардык позициясында классификацияланууучу, бир жолку пайдалануу үчүн арналган алюминий банкага же тетрапакка куюлган продукцияга маркалоого идиштин бетинин каалаган тегиз бөлүгүнө жол берилет.";

- төмөнкүдөй мазмундагы $10^3$-пункт менен толукталсын:

"$10^3$. Ушул Жобонун $10^1$ жана $10^2$-пункттарында көрсөтүлгөн керектөө таңгактарында акциздик марканы айрыбастан таңгакты ачуу мүмкүндүгү болбошу керек. Эгерде керектөө таңгагында маркаланбаган капкактар аркылуу ачуу мүмкүндүгү бар болсо, алюминий банкаларга жана тетрапакка куюлган алкоголсуз суусундуктарды кошпогондо, бул капкактар керектөө таңгагынын өзүн бузбастан ачууга жол бербегидей болуп чапталууга тийиш.";

- 12-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"12. Акциздик маркалар жеткирүүчү менен түзүлгөн келишимге (контрактка) ылайык мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ыйгарым укуктуу салык органынын заказы боюнча даярдалат. Акциздик маркалардын формасы жана үлгүлөрү ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан жеткирүүчү менен биргеликте иштелип чыгат. Акциздик маркалардын формасы жана үлгүлөрү ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан бекитилет.";

- 19-21-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"19. Салык төлөөчүгө акциздик маркаларды сатуу ыйгарым укуктуу банк аркылуу маркаларды берүү же түздөн-түз маркаланууучу продукцияны өндүрүүчү заводго акциздик маркаларды жөнөтүү жолу менен жүргүзүлөт. Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттерден ташып киргизилүүчү маркаланууучу продукция өндүрүүчү заводдо гана маркаланууга тийиш.

Ыйгарым укуктуу банк тарабынан акциздик маркаларды берүү жөнүндө чечим төмөнкү документтер берилген учурда аймактык салык органы тарабынан кабыл алынат:

- арыз-эсеби (ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык 2 нускада). Салык төлөөчүнүн арыз-эсебине өндүрүлүүчү жана/же импорттолуучу акциздик товарлардын аталыштарын көрсөтүү менен ушул Жобонун 2-тиркемесине ылайык акциздик буюмдарды өзгөчөлөө тиркелет. Арыз-эсебинин жана акциздик буюмдарды өзгөчөлөөнүн бир нускасы салык төлөөчүгө кайтарылып берилет, экинчи нускасы салык кызматынын органында калат;

- акциздик продукцияны ташып киргизүүгө жана/же сатууга лицензиянын көчүрмөсү (акциздик продукциянын лицензияланууучу түрлөрү үчүн);

- маркаланууучу продукциянын бардык санына акциз салыгы төлөнгөндүгүн же банктык кепилдикти жана акциздик маркалардын номиналдык наркы төлөнгөндүгүн ырастоочу төлөм документтеринин көчүрмөсү жана түп нускасы. Төлөм документинин көчүрмөсү же банктык кепилдиктин түп нускасы салык кызматынын органында калат, төлөм документтеринин түп нускалары салык төлөөчүгө кайтарылып берилет.

Акциздик маркаларды чет өлкөдө маркаланууучу продукцияны өндүрүүчү заводго жөнөтүү жөнүндө чечим, ыйгарым укуктуу банк тарабынан импорттолуучу маркаланууучу продукцияга акциздик маркаларды берүү жөнүндө чечим ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан кабыл алынат. Ошол эле учурда ушул пункттун үчүнчү-бешинчи абзацтарында каралган документтерден тышкары салык төлөөчү тарабынан төмөнкү документтер берилет:

- ташып киргизилүүчү акциздик продукцияга инвойстор, ушул Келишим боюнча аны колдонуу мезгилинде өтүнмө алгачкы жолу берилген учурда бир жолу маркаланууучу продукцияларды жеткирүүгө келишимдин түп нускасы жана салык төлөөчү тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү. Келишимдин көчүрмөсү салык кызматынын органында калат, түп нускасы салык төлөөчүгө кайтарылып берилет;

- маркаланууучу продукцияны өндүрүүчү заводго анын так реквизиттерин толук көрсөтүү менен акциздик маркаларды жөнөтүү өтүнүчү менен кат.

Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттерден Кыргыз Республикасына маркаланууучу алкоголдук продукцияны импорттогон салык төлөөчү ыйгарым укуктуу салык органына депозиттик төлөмдүн салынгандыгы жөнүндө квитанциянын көчүрмөсүн жана түп нускасын, ошондой эле акциздик маркаларды максаттуу колдонуу жөнүндө милдеттенмени берет.

Импорттолуучу маркаланууучу продукцияга акциздик маркаларды берүү жөнүндө чечим ыйгарым укуктуу салык органы бекиткен форма боюнча 3 нускада ыйгарым укуктуу банк тарабынан түзүлөт. Акциздик маркалар ыйгарым укуктуу банк тарабынан салык төлөөчүгө чечимде көрсөтүлгөн акциздик маркалардын катар номерлерине ылайык берилет. Салык кызматынын органынын чечиминин биринчи нускасы ыйгарым укуктуу банкта, экинчиси - салык төлөөчүдө, үчүнчүсү - салык кызматынын органында калат.

Ошол эле учурда салык төлөөчүлөр алынган акциздик маркалардын номерлеринин диапазонун салык органынын чечиминде көрсөтүлгөн номерлердин диапазону менен кайра эсептөөнү жана салыштырып текшерүүнү жүргүзөт.

Салык кызматынын органдары мурда берилген банктык кепилдик боюнча акциз салыгын төлөө боюнча өндүрүүчүлөрдүн жана импорттоочулардын милдеттенмелеринин аткарылышын эсепке алууну жана контролдоону жүргүзөт.

Салык кызматынын органдары берилген банктык кепилдиктердин эсебин жүргүзөт.

Салык төлөөчү акциз салыгын белгиленген мөөнөттөрдө төлөбөгөн учурда салык кызматынын органдары банктык кепилдиктин аткарылышын контролдоого милдеттүү.

20. Акциздик маркаларды чет өлкөдө маркаланууучу продукцияны өндүрүүчү заводго жөнөтүү тууралуу чечим 2 нускада түзүлөт: салык кызматынын органынын чечиминин биринчи нускасы салык кызматынын органында, экинчиси - салык төлөөчүдө калат. Ошол эле учурда ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан чет өлкөдө маркаланууучу продукцияны өндүрүүчү заводго акциздик маркалардын тиешелүү партиясы жөнөтүлгөндүгү тууралуу акциздик маркаларды өндүрүүчү компанияга заказ кат жөнөтүлөт.

Акциздик маркаларды чет өлкөдө маркаланууучу продукцияны өндүрүүчү заводго жөнөтүүдө акциздик маркаларды сатып алуу датасы болуп ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан акциздик маркаларды чет өлкөдө маркаланууучу продукцияны өндүрүүчү заводго жөнөтүү тууралуу чечимди кабыл алынган дата саналат.

21. Чоң идиштерге куюлган алкоголдук продукцияны маркалоо үчүн акциздик маркаларды сатып алууга арыздарды тариздөөдө салык төлөөчү акциз салыгы төлөнгөндүгүн же банктык кепилдикти жана акциздик маркалардын номиналдык наркын ырастоону берет. Салык кызматынын органдары маркаланууга тийиш болгон продукциянын көлөмүн жана акциздик маркалардын номиналдык наркы төлөнгөндүгүн ырастагандан кийин салык кызматынын органы акциздик маркаларды берүү тууралуу чечим кабыл алат.";

- 22-пункттагы "15" деген цифралар "19" деген цифраларга алмаштырылсын;

- 23-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"23. Эгерде акциздик маркаларды сатып алууга арыз-эсебин тариздөө учурунда ыйгарым укуктуу банкта зарыл болгон типтеги же сыйымдуулуктагы акциздик маркалар жок болсо же талап кылынган акциздик маркалар акциздик маркаларды өндүрүүгө заказда көрсөтүлбөсө, анда акциздик маркаларды сатып алуу учурунда акциз салыгынын иш жүзүндөгү суммасын төлөө же банктык кепилдикти берүү шарты менен ыйгарым укуктуу банкта болгон акциздик маркаларды сатууга болот. Бул үчүн ыйгарым укуктуу салык органы маркаланууучу продукцияны болгон акциздик маркалар менен белгилөөгө маркаланууучу продукциянын тибин, сыйымдуулугун жана аталышын көрсөтүү менен жазуу жүзүндөгү уруксатты салык төлөөчүгө - акциздик маркаларды сатып алуучуга, ыйгарым укуктуу банкка, салык төлөөчүнүн - акциздик маркаларды сатып алуучунун салыктык катталган жери боюнча салык кызматынын органына, бажы иши, экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жана этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтыган продукцияны өндүрүү жана жүгүртүү, ошондой эле тамеки буюмдарын жүгүртүү чөйрөсүндөгү контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жөнөтөт.";

- 26-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"26. Акциздик маркалар кагаздарда даярдалат, акциздик продукциянын түрүнө жараша тиешелүү формалары жана өлчөмдөрү, бир же бир нече коргоочу элементтери, аталышы жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү, катар номери, электрондук-маалыматтык элементи жана продукциянын түрүн жана колдонулуучу идиштин диапазонун аныктоочу сериясы болот.";

- 29-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"29. Акциздик маркаларды колдонгон ишканаларда жетекчинин буйругу менен акциздик маркалардын сакталышы үчүн жоопту кызмат адамы дайындалат. Кызмат адамы продукцияны белгилөө үчүн акциздик маркаларды кол койдуруу менен берет жана жөнөтүлгөн продукциянын жана акциздик маркалардын тибин, сыйымдуулугун, аталышын, номерлерин жана аларды алуучунун аты-жөнүн жазуу менен берилген маркалардын эсебин жүргүзөт.";

- 31-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"31. Маркаланууучу продукцияны өндүрүү/импорттоо токтотулган учурда өндүрүүчү/импорттоочу колдонулбаган бардык акциздик маркаларды ыйгарым укуктуу банкка кайтарып берүүгө милдеттүү.

Колдонулбаган акциздик маркаларды кайтарып берүү жол- жоболорун жүргүзүү үчүн маркаланууучу продукцияны өндүрүүчү/импорттоочу акциздик маркаларды алган жери боюнча салык кызматынын органына төмөнкү документтерди берүүгө милдеттүү:

- акциздик маркаларды кайтарып берүүнүн себептерин көрсөтүү менен жана кийин акциздик маркаларды сатып алууда төлөнгөн акциз салыгын кайрадан пайдаланууга уруксат берүү өтүнүчү менен жазуу жүзүндөгү арызды;

- маркаланууучу продукциянын түрүн аныктоочу серияларды, кайтарып берилүүчү акциздик маркалардын сыйымдуулуктарын жана катар номерлерин көрсөтүү менен кагаздагы жана электрондук түрдөгү реестрди;

- акциздик маркаларды берүү тууралуу чечимдин нускасын.

Салык кызматынын органы бир айлык мөөнөттө жогоруда аталган документтерди текшерүүнү жүргүзөт жана ыйгарым укуктуу банкка акциздик маркаларды кайтарып берүү жөнүндө 3 нускада түзүлүүчү чечимди кабыл алат. Акциздик маркаларды кайтарып берүү жөнүндө чечимдин биринчи нускасы ыйгарым укуктуу банкта, экинчиси - акциздик маркаларды сатып алуучуда, үчүнчүсү - салык кызматынын органында калат.";

- 32-пункттун экинчи абзацынын экинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Ошол эле учурда акциздик маркалардын номиналдык наркы кайтарылып берилбейт, ал эми акциз салыгынын суммасы ашыкча төлөнгөн катары эсептелет, ал продукциянын тиешелүү түрүнүн акциздик маркаларын кийин алууда акциз салыгын төлөө үчүн гана колдонулушу мүмкүн.";

- 33-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"33. Маркаланууучу продукцияны өндүрүүчү заводдо чаптоо процессинде акциздик маркалар бузулган учурда бузулуунун себептерин, бузулган акциздик маркалардын санын жана типтерин көрсөтүү менен акт түзүлөт. Өндүрүүчү/импорттоочу бузулган акциздик маркаларды ыйгарым укуктуу банкка кайтарып берүүгө милдеттүү.

Кайтарып берүү жол-жобосун жүргүзүү үчүн өндүрүүчү/импорттоочу акциздик маркаларды алган жери боюнча салык кызматынын органына төмөнкүдөй документтерди берүүгө милдеттүү:

- акциздик маркалардын бузулганы жөнүндө актыны;

- маркаланууучу продукциянын түрүн аныктоочу серияларды, кайтарып берилүүчү акциздик маркалардын сыйымдуулуктарын жана катар номерлерин көрсөтүү менен кагаздагы жана электрондук түрдөгү реестрди.

Салык кызматынын органы бир айлык мөөнөттө жогоруда аталган документтерди текшерүүнү жүргүзөт жана ыйгарым укуктуу банкка салык кызматынын органдары бекиткен форма боюнча бузулган акциздик маркаларды кайтарып берүү жөнүндө 3 нускада түзүлүүчү чечимди кабыл алат. Акциздик маркаларды кайтарып берүү жөнүндө чечимдин биринчи нускасы ыйгарым укуктуу банкта, экинчиси - салык төлөөчүдө, үчүнчүсү - салык кызматынын органында калат.

Продукциянын түрүн, сыйымдуулугун аныктоочу сериялары, баалардын диапазону жана катар номерлери көзгө толук көрүнбөгөн жана электрондук-маалыматтык элементи идентификацияланбаган акциздик маркалар ыйгарым укуктуу банкка кайтарылып берилбейт.

Акциздик маркалар бузулганда ыйгарым укуктуу банк кабыл алган акциздик жыйымдын бузулган маркалары жок кылуу актысына ылайык комиссиялык түрдө жок кылынган учурда акциз төлөнбөйт. Бузулган маркалардын ордуна акциздик маркалардын номиналдык наркы төлөнгөн шартта бузулган маркалардын акциз салыгынын суммасына акциз салыгын кайрадан төлөбөстөн жаңы акциздик маркалар берилет.";

- 35-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"35. Ыйгарым укуктуу банк колдонулбаган акциздик маркаларды кабыл алгандан жана/же маркаланууучу продукцияны белгилөө үчүн жараксыз акциздик маркалар комиссиялык түрдө жок кылынгандан кийин ушундай акциздик маркалар боюнча төлөнгөн акциз салыгынын суммасы салык кызматынын органдары/бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан ашыкча төлөнгөн катары эсептелет, ал продукциянын тиешелүү түрүнүн акциздик маркаларын алуу үчүн гана колдонулушу мүмкүн.";

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттерден маркаланууучу алкоголдук продукцияны ташып киргизүүдө депозиттик төлөмдү колдонуу жана башкаруу тартибинде:

- 2-пункттун 5-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5) депозиттик эсепти башкаруу жана банк кепилдиктер боюнча реестр (мындан ары - реестр) - ар бир импорттоочу жана сумма үчүн өзүнчө тариздeлүүчү, депозиттик төлөмдөрдүн түшүүсүн, бюджеттик эсепке которулушун жана кайтарылышын эсепке алуу системасынын негизги документи.";

- 12-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"12. Ыйгарым укуктуу салык органы импорттоочу тарабынан депозиттик эсепке акча каражаттарын салуу же банктык кепилдик берүү боюнча милдеттенмелердин аткарылышын эсепке алат жана контролдойт. Импорттоочу тарабынан салынган акча каражаттарын же берилген банктык кепилдикти эсепке алуу үчүн ыйгарым укуктуу салык органы милдеттенмелерди аткаруунун суммаларынын реестрин жүргүзөт.";

- 13-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"13. Реестр төмөнкүлөр үчүн багытталган:";

- 14-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"14. Депозиттик төлөмдөр боюнча реестр кабыл алынган милдеттенменин же берилген банктык кепилдиктин негизинде ыйгарым укуктуу салык органынын депозиттик эсебине салынган акча каражаттарын эсепке алуу үчүн ар бир салык төлөөчү жана сумма боюнча жүргүзүлөт.";

- 16-пунктта "жеке карточканы ачуу" деген сөздөр "реестрге киргизүү" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 17-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"17. Депозиттик төлөмдөр боюнча реестр ар бир календардык жылга ачылат. Каражаттардын калдыгы кийинки жылга которулат. Депозиттик төлөмдөр боюнча реестрде милдеттүү түрдө төмөнкү реквизиттер көрсөтүлөт:

- салык төлөөчүнүн толук аталышы;

- салык төлөөчүнүн ИСНи.";

5) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлүүчү жана Кыргыз Республикасынын аймагына ташып киргизилүүчү айрым акциздик товарларга акциз салыгынын ставкаларында:

- 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Улуттук суусундуктарды (бозо, максым жана жарма) КМС 891:2003 "Бозо" суусундугу" Техникалык шарттарына" жана КМС 980:2021 "Максым" жана "Жарма" улуттук суусундуктары" Техникалык шарттарына" ылайык жана балдар тамак-ашын Бажы бирлигинин "Тамак-аш азыктарынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентине (ТР ТС 021/2011) ылайык (мамлекеттик каттоо жөнүндө тиешелүү күбөлүгү болсо) кошпогондо, ТЭИ ТН 2202 товардык позициясында классификацияланууучу суулар, анын ичинде кант кошулмаларын же башка таттуу кылуучу, даам-жыпар жыт берүүчү заттарды камтыган минералдык жана газдалган суулар | 0 сом/литр | 1 сом/литр | 2 сом/литр | 3 сом/литр |

»;

- төмөнкүдөй мазмундагы $1^1$, $1^2$-пункттар менен толукталсын:

«

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| $1^1$ | ТЭИ ТН 2202 товардык позициясында классификацияланууучу улуттук суусундуктар (бозо, максым жана жарма) КМС 891:2003 "Бозо" суусундугу" Техникалык шарттарына" жана КМС 980:2021 "Максым" жана "Жарма" улуттук суусундуктары" Техникалык шарттарына" ылайык жана балдар тамак-ашы Бажы биримдигинин "Тамак-аш азыктарынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентине (ТР ТС 021/2011) ылайык (мамлекеттик каттоо жөнүндө тиешелүү күбөлүгү болсо) | | | | 0 сом/литр |
| $1^2$ | 2024-жылдын 1-апрелинен тартып ТЭИ ТН 2202 товардык позициясында классификацияланууучу энергетикалык, алкоголсуз суусундуктар | 6 сом/литр | | | |

»;

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 22-февралындагы №94 "2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын бизнести өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын бизнести өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планында:

- 1.1.26-пунктча күчүн жоготту деп таанылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №125 "Товарлардын айрым түрлөрүн санариптик идентификациялоо каражаттары менен маркалоо боюнча пилоттук (эксперименттик) долбоорду узартуу жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 2-пункттагы "2023-жылдын" деген сөздөр "2024-жылдын" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2024-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 15-марты, №118***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2021-ЖЫЛДЫН 17-МАРТЫНДАГЫ №98 "ЖАРАНДЫК ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ИШТЕР БОЮНЧА ӨЗ АРА УКУКТУК ЖАРДАМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ ЭЛ АРАЛЫК КЕЛИШИМДЕРДИН АЛКАГЫНДА ТҮЗДӨН-ТҮЗ ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮНҮ ИШКЕ АШЫРУУГА ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫ АНЫКТОО ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

2022-жылдын 26-майында Бишкек шаарында кол коюлган 1996-жылдын 26-августундагы Граждандык жана кылмыш-жазык иштери боюнча өз ара укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө Кыргыз Республикасы менен Казакстан Республикасынын ортосундагы Келишимге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу протоколду ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 17-мартындагы №98 "Жарандык жана үй-бүлөлүк иштер боюнча өз ара укуктук жардам маселелери жөнүндө эл аралык келишимдердин алкагында түздөн-түз өз ара аракеттенүүнү ишке ашырууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарды аныктоо тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбула "2002-жылдын 7-октябрындагы Жарандык, үй-бүлөлүк жана жазык иштери боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер жөнүндө конвенцияга" деген сөздөрдөн кийин Кыргыз Республикасы менен аталган конвенцияларга катышкан мамлекеттердин ортосундагы жарандык, үй-бүлөлүк жана жазык иштери боюнча өз ара укуктук жардам маселелери боюнча эки тараптуу эл аралык келишимдерге" деген сөздөр менен толуктагылсын;

2) 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Жарандык жана үй-бүлөлүк иштер боюнча өз ара укуктук жардам бөлүгүндө 1993-жылдын 22-январындагы Жарандык, үй-бүлөлүк жана жазык иштери боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер жөнүндө конвенцияны, 2002-жылдын 7-октябрындагы Жарандык, үй-бүлөлүк жана жазык иштери боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер жөнүндө конвенцияны, Кыргыз Республикасы менен аталган конвенцияларга катышкан мамлекеттердин ортосундагы жарандык жана үй-бүлөлүк иштер боюнча өз ара укуктук жардам маселелери боюнча эки тараптуу эл аралык келишимдерди ишке ашыруу боюнча мамлекеттик органдар болуп төмөнкүлөр аныкталсын:

- калкты жана жарандык абалдын актыларын каттоо, Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуу жана андан чыгуу, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн жашап турууга уруксат алуу маселелери боюнча документтерди тариздөө маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаменти;

- Кыргыз Республикасынын аймагында сот чечимдерин таануу жана аткаруу, көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышкан мамлекеттердин аймагында аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын сот органдарынын чечимдерин жиберүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти (макулдашуу боюнча);

- мурастоо иштери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаментинин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин компетенциясына кирбеген маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги";

3) 2-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

4) 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5. Кыргыз Республикасы менен 1993-жылдын 22-январындагы Жарандык, үй-бүлөлүк жана жазык иштери боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер жөнүндө конвенциянын жана 2002-жылдын 7-октябрындагы Жарандык, үй-бүлөлүк жана жазык иштери боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер жөнүндө конвенциянын катышуучулары болуп эсептелбеген мамлекеттердин ортосундагы жарандык жана үй-бүлөлүк иштер боюнча укуктук жардам жөнүндө эки тараптуу эл аралык келишимдердин алкагындагы суроо-талаптарды аткарууда ушул токтомдун 3 жана 4-пункттары колдонулат деп аныкталсын.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 19-марты, №120***

## МЕДИЦИНАЛЫК, ВЕТЕРИНАРДЫК, ТЕХНИКАЛЫК МАКСАТТАРДА, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ПАРФЮМЕРДИК-КОСМЕТИКАЛЫК ЖАНА АЛКОГОЛДУК ПРОДУКЦИЯНЫ ӨНДҮРҮҮ ҮЧҮН ПАЙДАЛАНЫЛУУЧУ ЭТИЛ СПИРТИН САТЫП АЛУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Этил спиртин өндүрүүгө, импорттоого, сактоого жана сатып өткөрүүгө мамлекеттик монополия жана алкоголдук продукцияны өндүрүүнү мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Медициналык, ветеринардык, техникалык максаттарда, ошондой эле парфюмердик-косметикалык жана алкоголдук продукцияны өндүрүү үчүн пайдаланылуучу этил спиртин сатып алуу тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 10-июнундагы №301 "Этил спиртин жана алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү, алкоголдук продукцияны, сергитүүчү алкоголсуз жана алкоголу аз ичимдиктерди чекене сатууну жана керектөөнү мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө", "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө", "Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 1-пункттун төртүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 14-майындагы №233 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 10-июнундагы №301 "Этил спиртин жана алкоголдук продукцияларды чыгарууну жана жүгүртүүнү мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө", "Лицензиялоо жөнүндө", "Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 8-майындагы №241 "Ал жеткис күчтүн жагдайларына байланыштуу социалдык-экономикалык кырдаалды турукташтыруу маселелери боюнча айрым мыйзам актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтому.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 19-марты, №124***

## МАМЛЕКЕТТИК МЕНЧИКТИ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН ӨЗГӨН РАЙОНУНУН ДӨҢ-БУЛАК АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИГИНЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Ар бир балага мектепке чейинки билим берүүнүн адилеттүү жана коопсуз жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуучу шарттарды түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Өзгөн районунун Дөң-Булак айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 27-ноябрындагы №91 токтомуна, "Мүлкке муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7, 8-статьяларына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик Ош облусунун Өзгөн районунун "Өзгөн балык чарбасы" мамлекеттик ишканасы менен биргеликте Ош облусунун Өзгөн районунун Дөң-Булак айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине Ош облусу, Өзгөн району, Дөң-Булак айыл өкмөтү дареги боюнча жайгашкан аянты 0,61 га жанаша жер участогу менен бала бакчанын эки кабаттуу имаратын (идентификациялык коду 5-06-03-1006-0006) мектепке чейинки билим берүү мекемеси катары пайдалануу үчүн белгиленген тартипте өткөрүп берүүнү жүзөгө ашырсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Өзгөн районунун Дөң-Булак айыл өкмөтүнө сунушталсын:

1) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн өткөрүп берилүүчү имаратты жанаша жер участогу менен муниципалдык менчикке кабыл алуу жана сакталышын камсыз кылуу;

2) имаратты жанаша жер участогу менен белгиленген тартипте мамлекеттик кайра каттоону жүргүзүү жана аны мектепке чейинки билим берүү мекемеси катары пайдалануу;

3) жергиликтүү бюджеттин эсебинен толук капиталдык оңдоону жүргүзүү жолу менен мектепке чейинки билим берүүнү камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү;

4) өткөрүп берилүүчү имаратты жанаша жер участогу менен андан ары ээликтен ажыратууну жүргүзбөө жана аны күтүүнү жана андан ары тейлөөнү жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен камсыз кылуу.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 19-марты, №125***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДЫК МЫЙЗАМДАРЫНДА, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМДАРЫНДА, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА ЖАНА КЫЛМЫШ-ЖАЗА ПРОЦЕССУАЛДЫК МЫЙЗАМДАРЫНДА КАРАЛГАН НЕГИЗДЕР БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК МЕНЧИККЕ ӨТКӨН ОБЪЕКТТЕРДИ ЭЭЛИКТЕН АЖЫРАТУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесин ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 91-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында каралган негиздер боюнча мамлекеттик менчикке өткөн объекттерди ээликтен ажыратуу тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 20-марты, №126***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-НОЯБРЫНДАГЫ №264 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТКАРУУ БИЙЛИГИНИН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАШКА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН, АНЫН ИЧИНДЕ ТЕХНИКАЛЫК ЖАНА ТЕЙЛӨӨЧҮ ПЕРСОНАЛЫНЫН ШТАТТЫК САНЫНЫН ЧЕГИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Саламаттык сактоо секторунда башкаруу системасын жакшыртуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 1-тиркемесинде:

- 8-пунктта «458», «71» деген цифралар тиешелүү түрдө «475», «88» деген цифраларга алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу финансылык каражаттарды карасын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 25-марты, №128***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН САЛЫК САЛУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Ата мекендик өндүрүүчүлөргө жагымдуу шарттарды түзүү жана аларды колдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 128, 178, 315-беренелерине, 423-беренесинин 13-бөлүгүнө, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №131 “Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 289, 297, 298 жана 299-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 11-тиркемеси төмөнкүдөй мазмундагы он бешинчи сап менен толукталсын:

“

| | |
|---|---|
| 2301 10 000 0 | Майда жана кесек ун жана эттен же эт субпродуктуларынан жасалган гранулдар; майдын сызыктары |

”.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-мартындагы №141 “Эсеп-фактураны колдонуу жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттун 2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“2) электрондук эсеп-фактуралардын маалыматтык системасынын катышуучулары катары катталууга жана эсеп-фактураларды тариздетүүгө карата талаптар төмөнкүлөргө жайылтылбайт:

- бирдиктүү салыктын негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча нөлдүк ставканы колдонгон, ККМди колдонуу менен ишкердик жүргүзгөн, катары менен келген акыркы 12 айдын ичинде түшкөн акчасынын көлөмү 15 000 000 сомдон ашпаган салык төлөөчүлөргө;

- патенттин негизинде салык төлөгөн жана жеке ишкер болуп саналбаган жеке жактарга жеке жана/же үй-бүлөлүк керектөө үчүн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү саткан салык төлөөчүлөргө;

- жеке айыл чарба продукцияларын саткан айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө.”;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Эсеп-фактураны түзүүнүн жана жүгүртүүнүн тартибинде:

- 6-глава төмөнкүдөй мазмундагы $61^{1}$-пункт менен толукталсын:

“$61^{1}$. Салыктарды жалпы салык режими боюнча төлөп жаткан салык төлөөчү:

1) чет өлкөлүк уюмдан же жеке ишкерден берилүүчү орду Кыргыз Республикасынын аймагы деп таанылган жумуштарды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алган учурда Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 315-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктунда каралган сатып алынган материалдык ресурстар боюнча эсепке алуу укугун алуу үчүн өзүнүн дарегине эсеп-фактура таризделет;

2) айыл чарба өндүрүүчүсүнөн анын айыл чарба продукциясын сатып алууга эсеп-фактура таризделет.”.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги №193 “Контролдук-кассалык машиналарды киргизүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пунктта:

- 3-пунктчада:

“субъектке жана” деген сөздөр алып салынсын;

“1-апрелинен” деген сөздөр “1-июлунан” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 4-пунктчада “2024-жылдын 1-апрелинен” деген сөздөр “2025-жылдын 1-январынан” деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Өзүнүн ишинин спецификасына же жайгашкан жеринин өзгөчөлүгүнө жараша контролдук-кассалык машиналарды колдонбостон акчалай эсептешүүлөрдү жүргүзө алган субъекттердин тизмесинде:

- 2-пунктта:

7, 8-пунктчалары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“7) ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан аныкталган тартипте мындай маалыматтык системаны ыйгарым укуктуу салык органынын маалыматтык системасы менен милдеттүү интеграциялоо шартында жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташууга заказ кылуу үчүн колдонулуучу жүргүнчүлөрдү жеңил транспорт менен ташуу (такси кызматтары) жана такси кызматынын жана курьердик кызматтын маалымат системасын пайдалануу менен курьерлер менен товарларды жеткирүү боюнча кызматтарды көрсөтүү;

8) жүктөрдү кол арабасы менен ташуу, базарларда жана эл көп чогулган башка жерлерде радио аркылуу жарыялоо, телевизиондук антенналарды орнотуу, үй шартында кир жуу, мал союу, малдын терисин жана жүнүн даярдоо, малдын жүнүн тароо жана жүнүн тытуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр;”;

10-пунктчада “патенттин негизинде” деген сөздөр алып салынсын;

20-пунктча “көчмө прилавкаларды,” деген сөздөрдөн кийин “чатырларды, боз үйлөрдү,” деген сөздөр менен толукталсын;

26-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“26) өзгөчө режимдеги соода зоналарында ишке салык төлөгөн салык төлөөчү тарабынан товарларды сатуу;”;

төмөнкүдөй мазмундагы 27-35-пунктчалар менен толукталсын:

“27) өзү өндүргөн кол өнөрчүлүк ишинин (элдик көркөм кол өнөрчүлүгүнүн) продуктуларын сатуу;

28) ачкычтарды жана кулпуларды даярдоо жана оңдоо;

29) жасалма гүлдөрдү жана аза гүлчамбарларын жасоо;

30) I топтогу майыптар тарабынан көрсөтүлүүчү дарылоочу массажынын кызмат көрсөтүүлөрү;

31) төмөнкүлөрдү оңдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр:

а) телевизорлорду, радиоприемниктерди, видеокамераларды, магнитофондорду, CD, DVD;

б) муздаткычтарды, микротолкундуу мештерди, кир жуугуч жана үтүктөөчү машиналарды, кондиционерлерди жана башка тиричилик приборлорун;

в) бут кийим жана булгаарыдан жасалган башка буюмдарды;

г) жеке пайдалануудагы башка буюмдарды (велосипед, кийим, аң-тери, тигүү, трикотаж жана галантерея буюмдары, китептер, музыкалык аспаптар, оюнчуктар);

32) кесүүчү аспаптарды оңдоо жана курчутуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр;

33) эмеректерди оңдоо жана реставрациялоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр;

34) акы төлөнүүчү дааратканалардын кызмат көрсөтүүлөрү;

35) ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан аныкталган тартипте ыйгарым укуктуу салык органынын маалыматтык системасы менен мындай соода платформасын милдеттүү түрдө интеграциялоо шартында электрондук соода чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык соода платформасын пайдалануу менен товарларды сатуу, кызмат көрсөтүү же жумуштарды аткаруу.”;

- $2^{1}$-пунктта “5-10, 19-22-пунктчаларында” деген сөздөр “5, 6, 8-10, 22, 27-34-пунктчаларында” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 3-пункттун таблицасында:

2, 3-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | | Алкоголдук продукцияны жана тамеки буюмдарын саткан түйүндөрдү кошпогондо, убактылуу түйүндөрдү (павильондорду, боз үйлөрдү, бастырмаларды, башка убактылуу курулмаларды) пайдалануу менен коомдук тамактануу жайларында кызмат көрсөтүү | 2024-жылдын 1-июлуна чейин | 2024-жылдын 1-июлуна чейин |
| 3 | | Алкоголдук продукцияларды жана тамеки буюмдарын кошпогондо, соода залынын аянты 30 (отуз) кв. метрге чейин болгон күркөлөрдө, павильондордо, контейнерлерде, вагончолордо, чатырларда, боз үйлөрдө, ларектордо, көчмө прилавкаларда жана убактылуу темир конструкцияларда товарларды сатуу | 2024-жылдын 1-июлуна чейин | 2024-жылдын 1-июлуна чейин |

”;

4, 6-пункттарда “2024-жылдын 1-январына чейин” деген сөздөр “2024-жылдын 1-июлуна чейин” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 4-пунктта “2023-жылдын 1-апрелине чейин” деген сөздөр “2024-жылдын 1-июлуна чейин” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы $4^{1}$-пункт менен толукталсын:

“$4^{1}$. Калк менен эсептешүүлөрдү накталай эмес формада гана, дистанттык төлөм формаларынын инструменттерин, QR-төлөмдөрдү, POS-терминалдарды, төлөм терминалдарын, идентификацияланган электрондук капчыктарды жана башка периферийлык түзүлүштөрдү, ошондой эле төлөм системасы тарабынан сунушталган, алардын жардамы менен субъекттер үчүн накталай эмес төлөмдөрдү өз пайдасына кабыл алуу мүмкүнчүлүгү берилген бардык мобилдик тиркемелерди колдонуу менен жүзөгө ашыруучу субъекттер соода операцияларында же иштерди аткарууда жана кызмат көрсөтүүдө ККМди колдонбоого укуктуу.”;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Контролдук-кассалык машиналарды техникалык тейлөө борборлоруна карата талаптарда:

- 2-пункттун 3-пунктчасында “көрсөтүүчү уюм” деген сөздөр “көрсөтүүчү уюм же жеке ишкер” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 25-ноябрындагы №660 “2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасында газмотордук отун-компримирленген жаратылыш газынын рыногун өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген 2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасында газмотордук отун - компримирленген жаратылыш газынын рыногун өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планында:

- 1-пункттун 1.2.6, 1.2.7-пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 4-сентябрындагы №446 “Кыргыз Республикасынын базарларынын жана кичи базарларынын иштешине талаптар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын базарларынын жана кичи базарларынын иштешине талаптар жөнүндө жободо:

- 2, 12-пункттарда “токтому” деген сөз “чечими” деген сөзгө алмаштырылсын;

- 5-7, 30, 31-пункттарда ар кандай жөндөмөлөрдөгү жана сандагы “ыйгарым укуктуу салык органы”, “Ыйгарым укуктуу салык органы” деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү жана сандагы “салык кызматынын органы”, “Салык кызматынын органы” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 10-пункттун 5-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“5) базардын аймактарында салык контролун жүргүзгөн салык органынын кызматкерлери үчүн видеокөзөмөлдөө камераларына жана интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар, жылытуу жана кондиционер менен жабдылган кызматтык жайлардын болушу;”;

- 17-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“17. Соода ишинин субъекти сатылуучу товарларга карата электрондук эсеп-фактураларга жана электрондук товардык-транспорттук коштомо кагаздарга ээ болууга милдеттүү.”;

- 22-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Реестрге киргизилген базарларда иш жүргүзгөн соода ишинин субъекти сатылып жаткан бардык товарларга электрондук эсеп-фактураларына жана электрондук товардык транспорттук коштомо кагаздарына ээ болууга милдеттүү.”;

- 24, 25-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“24. Соода ишинин субъекттери ушул талаптарда каралган шарттарды сактабаган учурда салык кызматынын органынын жазуу жүзүндөгү талабы боюнча базардын дирекциясы 10 жумуш күндүн ичинде соода ишинин субъекти менен ижара келишимин бир тараптуу тартипте бузат.

25. Соода ишинин субъекти салык кызматынын органынын кызматкерлерине соода ишин жүргүзүү үчүн пайдаланылуучу бардык жайларга анын ишин текшерүү жана аныкталган кемчиликтерди четтетүүнү камсыз кылуу максатында тоскоолдуксуз кирүүсүн камсыз кылууга тийиш.”.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 25-марты, №129***

## КЕСИПТИК АУДИТОРДУК БИРИКМЕЛЕРДИН ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

“Аудитордук иш жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесин ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1**. Кесиптик аудитордук бирикмелердин окуу программаларын аккредитациялоо тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2**. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 25-марты, №130***

## ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК: БИРЛИГИНИН ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ИШИНИН БИРДИКТҮҮ ТОВАРДЫК НОМЕНКЛАТУРАСЫНА ЫЛАЙЫК ТОВАРЛАРДЫ КЛАССИФИКАЦИЯЛООНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

“Бажылык жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин талаптарын ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1**. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Евразия экономикалык биригинин тышкы экономикалык ишинин бирдиктүү товардык номенклатурасына (мындан ары -ЕАЭБ ТЭИ ТН) ылайык товарларды классификациялоо жөнүндө чечимдин формасы 1-тиркемеге ылайык;

2) ЕАЭБ ТЭИ ТНге ылайык товарларды классификациялоо жөнүндө чечимди толтуруу тартиби 2-тиркемеге ылайык;

3) ЕАЭБ ТЭИ ТНге ылайык товарларды классификациялоо жөнүндө чечимди кабыл алуу тартиби жана мөөнөттөрү 3-тиркемеге ылайык;

4) ЕАЭБ ТЭИ ТНге ылайык товарларды классификациялоо жөнүндө чечимди өзгөртүү тууралуу чечимдин формасы 4-тиркемеге ылайык;

5) ЕАЭБ ТЭИ ТНге ылайык товарларды классификациялоо жөнүндө чечимди өзгөртүү тууралуу чечимди толтуруу тартиби 5-тиркемеге ылайык;

6) ЕАЭБ ТЭИ ТНге ылайык товарларды классификациялоо жөнүндө чечимди өзгөртүү тууралуу чечимди кабыл алуу тартиби жана мөөнөттөрү 6-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 13-февралындагы №79 “Бажы иши чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 16-тиркеменин “Б” формасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**3**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 25-марты, №131***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2014-ЖЫЛДЫН 17-МАРТЫНДАГЫ №155 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ АДАМ УКУГУ БОЮНЧА КООРДИНАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Адам укугу боюнча координациялык кеңештин ишин оптималдаштыруу, ошондой эле адам укугу чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелерди ишке ашыруу механизмин өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы №155 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Адам укугу боюнча координациялык кеңеш жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышында жана 1-пунктта "Өкмөтүнө караштуу" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине караштуу" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Адам укугу боюнча координациялык кеңеш жөнүндө жободо:

- 7-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"- БУУнун келишимдик органдарынын адам укуктары чөйрөсүндөгү сунуштамаларын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын пландарын бекитет.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 25-марты, №132***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ СИСТЕМАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ПРОГРАММАСЫН ЖАНА АНЫ ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА 2024–2028-ЖЫЛДАРГА ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Адамдардын сот адилеттигине жетүү укугун ишке ашыруу, адилеттүү соттук териштирүүнү камсыз кылуу жана кыйла натыйжалуу, адилеттүү, отчеттуу жана укуктун үстөмдүгүнө жана адамдын негизги укуктарын коргоого негизделген сот адилеттигин жүргүзүү системасын түзүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасын өнүктүрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин программасы 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасын өнүктүрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин программасын ишке ашыруу боюнча 2024–2028-жылдарга иш-чаралар планы, Кыргыз Республикасынын мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасын өнүктүрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын жүзөгө ашырууга мониторинг жүргүзүү жана баалоо индикаторлорунун матрицасы, Кыргыз Республикасынын мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасын өнүктүрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин программасынын бюджети 2, 3 жана 4-тиркемелерге ылайык.

**2.** Бул токтомду ишке ашыруу менен байланышкан чыгымдарды каржылоо тиешелүү жылга республикалык бюджетте министрликтер жана административдик ведомстволор үчүн каралган каражаттардын чегинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактардан жүргүзүлсүн.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 25-марты, №133***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 24-ИЮНУНДАГЫ №332 "ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ВАЛЮТАДАГЫ БЮДЖЕТТИК КРЕДИТТЕР БОЮНЧА КАРЫЗДАРДЫ ЭСЕПКЕ АЛУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНУН КОЛДОНУЛУШУН ЖОККО ЧЫГАРУУ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-июнундагы №332 "Чет өлкөлүк валютадагы бюджеттик кредиттер боюнча карыздарды эсепке алуу тартиби жөнүндө" токтомунун колдонулушу 2022-жылдын 24-июнунан тартып жокко чыгарылсын.

**2**. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жиберилсин.

**3**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 25-марты, №134***

## 2022-ЖЫЛДЫН 16-АВГУСТУНДА МОСКВА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН 2017-ЖЫЛДЫН 20-ИЮНУНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ АСКЕРДИК-ТЕХНИКАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫКТЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМДИН АЛКАГЫНДА БЕРИЛҮҮЧҮ АСКЕРДИК БАГЫТТАГЫ ПРОДУКЦИЯНЫН ТҮГӨЛДҮГҮН ЖАНА МАКСАТТУУ ПАЙДАЛАНУУНУ КОНТРОЛДОО ТАРТИБИ ТУУРАЛУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ МАКУЛДАШУУНУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1**. 2022-жылдын 16-августунда Москва шаарында кол коюлган 2017-жылдын 20-июнундагы Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы Аскердик-техникалык кызматташтыкты өнүктүрүү жөнүндө келишимдин алкагында берилүүчү аскердик багыттагы продукциянын түгөлдүгүн жана максаттуу пайдаланууну контролдоо тартиби тууралуу тиркелген макулдашуу бекитилсин.

**2**. Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги жогоруда аталган Макулдашууну аткаруу үчүн жооптуу орган болуп аныкталсын.

**3**. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө россия тарапка кабарласын.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**5**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 25-марты, №135***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2019-ЖЫЛДЫН 19-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №58 "ЖАРАНДЫК КОРГОНУУ БОЮНЧА КОМИССИЯ ЖӨНҮНДӨ ТИПТҮҮ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жарандык коргонуу боюнча комиссиянын ишин өркүндөтүү максатында, "Жарандык коргонуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-февралындагы №58 "Жарандык коргонуу боюнча комиссия жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жарандык коргонуу боюнча комиссия жөнүндө типтүү жободо:

- 1, 5, 8, 9, 11-пункттарда "Өкмөтүнүн" деген сөз "Президентинин" деген сөзгө алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы $1^1$-пункт менен толукталсын:

"$1^1$. Жарандык коргонуу боюнча комиссия бардык деңгээлдерде, тармактарда жана объекттерде өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча туруктуу иштөөчү координациялык орган болуп саналат.";

- 6-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"- өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, кесепеттерин жоюу, Жарандык коргонуу жаатындагы иш-чаралардын аткарылышын контролдоо, жабыркаган имараттардын жана курулмалардын техникалык абалын баалоо, аларды эсепке алууну жүргүзүү, ошондой эле өзгөчө кырдаалдардын натыйжасындагы материалдык чыгымдарды эсептөө, өзгөчө кырдаалдардын кесепетинен каза болгон адамдарды көмүү, өлгөн жаныбарлардын тарпын табуу жана көмүү боюнча иштерди координациялоо;";

- төмөнкүдөй мазмундагы $7^1$-пункт менен толукталсын:

"$7^1$. Жарандык коргонуу боюнча комиссиялар бардык деңгээлдерде, тармактарда жана объекттерде төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

- күнүмдүк иш режиминде - комиссиялардын жылдык иш пландарын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, жыйналыштарда жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштеринин отчетторун угуу, кооптуу участокторду, объекттерди изилдөөнү уюштуруу, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча иштерди координациялоо, пландоо жана аткаруу, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу үчүн зарыл болгон финансылык жана материалдык ресурстарды түзүүнү жана пайдаланууну контролдоо;

- жогорулатылган даярдык режиминде - өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу коркунучу жөнүндө калкка кабарлоону уюштурууну координациялоо, айлана-чөйрөгө, аба ырайына байкоо жүргүзүү, Жарандык коргонуунун күчтөрүн жана каражаттарын даярдыкка келтирүү, экономика объекттеринин туруктуу иштеши үчүн зарыл болгон иш-чараларды уюштуруу, тынчтык мезгилге карата Жарандык коргонуу планында каралган башка иш-чараларды аткаруу;

- өзгөчө кырдаалдар режиминде - өзгөчө кырдаалдардын келип чыгышы жөнүндө калкка кабарлоону уюштурууну координациялоо, өзгөчө кырдаалдар зонасында авариялык-куткаруучу жана башка кечиктирилгис иштерди жүргүзүүнү уюштуруу, жабыр тарткан калкты ар тараптуу камсыздоону уюштуруу, өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу боюнча иштерди жана тынчтык мезгилге карата Жарандык коргонуу планында каралган башка иш-чараларды аткаруу.";

- 8-пункттун төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- жыйналыштарда Жарандык коргонуу боюнча иш-чаралардын планынын аткарылышы жөнүндө облустардын, Бишкек, Ош шаарларынын жана райондордун Жарандык коргонуу кызматтарынын, мамлекеттик органдардын, менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын, тиешелүү деңгээлдеги комиссиялардын Жарандык коргонуу кызматтарынын маалыматтарын угуу жана тиешелүү чечимдерди кабыл алуу;";

- төмөнкүдөй мазмундагы $8^1$, $8^2$-пункттар менен толукталсын:

"$8^1$. Комиссия өз ишин бекитилген жылдык пландын негизинде жүргүзөт.

Комиссия кезектеги жыйналышты кварталына бир жолу өткөрөт, ал эми кезексиз жыйналыштар өзгөчө кырдаалдар коркунучунда же келип чыккан учурда тиешелүү деңгээлдеги Жарандык коргонуунун башчысынын чечими боюнча өткөрүлөт.

$8^2$. Комиссиянын жыйналышында каралган маселелер боюнча протокол түзүлөт, анын аткарылышы катуу көзөмөлгө алынат.

Кооптуу табигый процесстерге жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча керектүү адистерди тартуу менен коргоо иш-чараларын өткөрүү жөнүндө акт түзүлөт жана тиешелүү деңгээлдеги Жарандык коргонуунун башчысы тарабынан бекитилет.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 26-марты, №137***

## 2023-ЖЫЛДЫН 13-ОКТЯБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕР ШЕРИКТЕШТИГИНЕ КАТЫШУУЧУ МАМЛЕКЕТТЕРДИН СОТТУК-ЭКСПЕРТТИК ИШ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КООРДИНАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду жүргүзүү максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2023-жылдын 13-октябрында Бишкек шаарында кол коюлган Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышуучу мамлекеттердин координациялык кеңешин түзүү жөнүндө макулдашуу бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Соттук-эксперттик кызмат ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн Макулдашууну ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын соттук экспертиза органдарынын кызматташтыгын координациялоо үчүн жооптуу орган болуп аныкталсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине жогоруда көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө билдирүү жиберсин.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 26-марты, №138***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## “БИШКЕК ШТАМПТООЧУ ЗАВОД” МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫНЫН УСТАВЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн ишин оптималдаштыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** “Бишкек штамптоочу завод” мамлекеттик ишканасынын (мындан ары - Ишкана) уставы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Ишкананын ишин жалпы жетектөөнү жана координациялоону Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги жүргүзөт деп белгиленсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №250 “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 2-пункттагы “Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактардан каржылануучу Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу “Бишкек штамптоочу заводу” мамлекеттик ишканасын кошпогондо,” деген сөздөр алып салынсын;

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин башкаруу схемасындагы “Бишкек штамптоочу завод” мамлекеттик ишканасы” деген позиция алып салынсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө” токтомунун 1-пунктунун 16-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги:

- өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;
- Ишкананы юстиция органдарынан мамлекеттик кайра каттоодон өткөрсүн;
- Ишкананын ишин материалдык-техникалык, финансылык жана ушул токтомдон келип чыккан башка жагынан камсыздоо маселелерин чечсин.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 25-марты, №136***

## МААЛЫМАТТАРДЫ БЕРҮҮ КЫЗМАТТАРЫН КӨРСӨТҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Байланыш жаатындагы мыйзамдарды өркүндөтүү, маалыматтарды берүү кызматтарын көрсөтүү менен байланышкан маселелерди жөнгө салуу максатында, «Электр байланышы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Маалыматтарды берүү кызматтарын көрсөтүү эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) бул токтомдун жоболору ал колдонууга киргизилгенден кийин пайда болгон укуктук мамилелерге жайылтылат;

2) маалыматтарды берүү операторунун маалымат базасында камтылган маалыматтарды берүү абоненттери жөнүндө маалыматтар, маалыматтарды берүү оператору менен маалыматтарды берүү абоненттеринин ортосунда түзүлгөн акы төлөнүүчү келишимдер бул токтом күчүнө кирген күнгө чейин өзүнүн юридикалык күчүн сактап калат жана анын жоболоруна шайкеш келтирүүнү талап кылбайт.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 27-марты, №139***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ КООМДУК САЛАМАТТЫК САКТОО УЛУТТУК ИНСТИТУТУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Саламаттык сактоо жаатында илимий иштИ өркүндөтүү максатында, «Илим жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Коомдук саламаттык сактоо улуттук институту жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 7-июлундагы №340 «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Коомдук саламаттык сактоо улуттук институту жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 2-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 24-октябрындагы №563 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин саламаттык сактоону башкаруу чөйрөсүндөгү айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун 10-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 27-марты, №140***




## БЕЛЕКТИН БААТЫРДЫГЫ

***“Крокус Сити Холлдогу” каргашалуу окуяга күбө болуп, элди имараттан тышка алып чыккан дагы бир кыргыз жигити жөнүндө маалымат тарап жатат.***

Маалымат сайттарында тараган видеодо кыргыз калпакчан Белек аттуу бала “22-март күнү иште болчум. Кечки саат 8дерде ок атуулар угулуп, алгач эч нерсени түшүнгөн жокмун. Эмне окуя болуп жатканын 5-10 секунд ичинде түшүнүп, ал жердеги адамдарга жайча түшүндүрүүгө аракет кылдым, бирок алар түшүнбөгөндөн кийин кыйкырууга туура келди. Гардеробдо 1500дөн 2000ге чейин адам бар болчу. Мен аларга арткы эшикке жол көрсөтүп, бардыгын чыгарып, анан акырында өзүм чыктым” - деп айтып берген. Ал 100дөй адамды каргашадан куткарып, сыртка алып чыккан Ислам Халиловдой эле гардеробдо иштеген жана Ислам менен жакшы тааныш-курбалдашы болгон.

15 жашар Ислам Халиловдон кийин Рустам Бактыбеков аттуу кыргызстандык жигит да кандуу окуя учурунда жалындаган өрткө карабай имараттын ичиндегилерди сыртка алып чыгууга жардам бергени жөнүндө маалыматтар тарады. Москвадагы каргашалуу окуяда үч жигитибиз кыргыз духун даңазалоо менен жогору адамдык сапатын далилдеп, жалпы журтубузду сыймыкка бөлөдү.

Тилекке каршы терактты уюштуруучулардын катарында кылмышкерлердин бирине батирин ижарага берген Россиянын жараны, өзбек улутундагы Алишер Касимов шектелүүдө. Россиялык басылмалар аны кыргызстандык катары жазып жатышат. ТИМдин маалыматы боюнча ал 2014-жылы эле Кыргызстандын жарандыгынан баш тарткан.

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

## 2024-ЖЫЛДЫН 28-АПРЕЛИНЕ ДАЙЫНДАЛГАН №2 БАТКЕН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ, №9 КАРА-СУУ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ ЖАНА №7 ОШ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООДО, ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ҮГҮТ ИШТЕРИНЕ КАТЫШУУ ҮЧҮН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫН ЖАНА ИНТЕРНЕТ-БАСЫЛМАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 11, 22-беренелерине, 2024-жылдын 5-мартындагы №60 «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына, 2024-жылдын 14-мартындагы №77 «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин №7 Ош бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 26-июнунда №117 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарын жана интернет-басылмаларын аккредитациялоонун тартиби жөнүндө Жобонун жетекчилигинде, маалымдоо жана үгүт эрежелеринин маселелери, арыз жана даттанууларды кароо боюнча Жумушчу тобунун сунушун эске алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2024-жылдын 28-апрелине дайындалган №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу, №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу жана №7 Ош бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо, шайлоо алдындагы үгүт иштерине катышуу үчүн 1-тиркемеге ылайык төмөнкү жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалары аккредитацияланасын:

- 16 (он алты) жалпыга маалымдоо каражаттары;
- 3 (үч) интернет-басылмасы.

**2.** Эфир убактысын, жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн басылма аянтын жана интернет-басылмаларда жарыялоо укугун бергендиги үчүн акы төлөөнүн өлчөмү жана башка шарттары жөнүндө маалымат 2-тиркемеге ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтында жайгаштырылсын.

**3.** Бул токтом «Эркин-Тоо» гезетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөсү, маалымдоо жана үгүт эрежелеринин маселелери, арыз жана даттанууларды кароо боюнча Жумушчу тобунун жетекчиси У.К. Жылкыбаевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 27-марты, №28***

Утерян ID паспорт на имя Бактыбек уулу Акылбек ИНН 22204199401202 просим вернуть за вознаграждение.
**Тел.: (0501) 33-53-34**
Н-760

**ЖОГОЛДУ**
**УТЕРЯ**

***В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №436 (от 10.02.1999 г.) на имя Яковлевой Нины Никифоровны считать недействительным.***
Н-748

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Гасанза Мансура Махмудовна код ОКПО 30654650, ИНН 12101197710043 считать недействительным.***
Н-752

***Өзгөн районунун тургуну Юлдашева Маргубахон Хурулбаевнага таандык райстаттан берилген ишкердик күбөлүгү ОКПОсу 27437854, ИНН 11610119800660 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П-811

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Тойчубекова Нуржанна Борончуевна код ОКПО 22433797, ИНН 10308197510012 считать недействительным.***
Н-746

***Жаанбаев Болотбек Табериковичке тиешелүү жер үлүшүнөн (жалпы жер үлүшү - 2.36 га) пайдаланууга укук берүүчү сериясы И-Б №767 жер күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-761

***В связи с утерей зачетной книжки СК №195027793 на имя Сооронбай уулу Аргена считать недействительным.***
Н-759

***Куликеев Мирланга тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы Т-Б 4Ж-VIII №0388 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-763

***Кубанычбек кызы Айшага тиешелүү мамлекеттик актысы Ч №500636 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-756

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ДЕПУТАТТЫККА ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕСИНЕН КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРЛЕРДИ ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ АРАВАН, НООКЕН, АКСЫ, СОКУЛУК ЖАНА КЕМИН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Араван аймактык шайлоо комиссиясынын 25.03.2024-ж. №4 – Ош облусунун Араван районундагы Керме-Тоо айылдык кеңеши боюнча;
- Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын 11.03.2024-ж. №4 – Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы Сакалды айылдык кеңеши боюнча;
- Сокулук аймактык шайлоо комиссиясынын 25.03.2024-ж. №4 – Чүй облусунун Сокулук районундагы Крупская атындагы айылдык кеңеши боюнча;

Чечимдер «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-пунктунун жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин негизинде, депутаттар депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө арыз бергендигине байланыштуу кабыл алынган.

- Аксы аймактык шайлоо комиссиясынын 25.03.2024-ж. №5 – Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Ш.Назаралиев айылдык кеңеши боюнча;
- Кемин аймактык шайлоо комиссиясынын 25.03.2024-ж. №9, №10 – Чүй облусунун Кемин районундагы Боролдой айылдык кеңеши боюнча.

Чечимдер «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктунун жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин негизинде, депутат каза болгондугуна байланыштуу кабыл алынган.

Ошондой эле депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын 11.03.2024-ж. №4 – Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы Сакалды айылдык кеңеши боюнча.

Аталган чечимдер «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине ылайык, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин негизинде кабыл алынган.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, «Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет».

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Араван, Аксы, Сокулук жана Кемин аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу боюнча чечими 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3**. Араван, Ноокен, Аксы, Сокулук жана Кемин аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарды талапкерлерге жана саясий партиялардын талапкерлеринин катталган тизмесиндеги талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**4.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып анык эмес деп таанылсын.

**5.** Араван, Ноокен, Аксы, Сокулук жана Кемин аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 3-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерин тапшырсын.

**6.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**7.** Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**8.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У. Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 27-марты, №29***

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2024-жылдын 27-мартындагы*
*№29 токтомунун 1-тиркемеси*

### Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А. | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| **ОШ ОБЛУСУ** | | | |
| **Араван району** | | | |
| 1. | Керме-Тоо айылдык (№4 Кичик-Алай Чөгөм шайлоо округу) | Ахматов Аскарбек Исматуллаевич | Араван АШК, №4, 25.03.2024-ж. (19.03.2024-ж. өз арызы) |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | |
| **Аксы району** | | | |
| 2. | Ш.Назаралиев айылдык (№6 Жар-Башы шайлоо округу) | Бабанова Назгүл Нуркуловна | Аксы АШК, №5, 25.03.2024-ж. (ЖААКтын 04-01 региондор аралык бөлүмү тарабынан 2024-жылдын 14-февралындагы берилген каза болгондугу тууралуу №KGZ07 0255391 күбөлүгү) |
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | |
| **Сокулук району** | | | |
| 3. | Крупская атындагы айылдык (№1 шайлоо округу) | Сагынбеков Алтынбек Маршалович | Сокулук АШК, №4, 25.03.2024-ж. (27.02.2024-ж. өз арызы) |
| **Кемин району** | | | |
| 4. | Боролдой айылдык (№1 шайлоо округу) | Беляндра Виктор Александрович | Кемин АШК, №9, 25.03.2024-ж. (Кемин районунун ЖААК бөлүмү тарабынан 2023-жылдын 8-февралындагы берилген каза болгондугу тууралуу №KGZ07 0216385 күбөлүгү) |

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2024-жылдын 27-мартындагы*
*№29 токтомунун 2-тиркемеси*

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин катталган тизмесинен чыгарылган талапкерлердин тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф.А.А. | Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | |
| **Ноокен району** | | | |
| 1. | Сакалды айылдык (№3 Кыргызстан шайлоо округу) | Дөрбөнов Саматбек Абдимажитович | Ноокен АШК, №4, 11.03.2024-ж. (28.02.2024-ж. өз арызы) |

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2024-жылдын 27-мартындагы*
*№29 токтомунун 3-тиркемеси*

### Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими |
|---|---|---|---|---|
| **ОШ ОБЛУСУ** | | | | |
| **Араван району** | | | | |
| 1. | Керме-Тоо айылдык (№4 Кичик-Алай Чөгөм шайлоо округу) | Эргешова Салкынай Насыровна | №14 Чөгөм орто мектеби, мугалим | Араван АШК, №4, 25.03.2024-ж. |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | | |
| **Ноокен району** | | | | |
| 2. | Сакалды айылдык (№2 Сакалды шайлоо округу) | Абдимиталипов Эльдар Баходирович | Жеке ишкер | Ноокен АШК, №4, 11.03.2024-ж. |
| 3. | | Юсупова Нурмира Абдыкаимовна | Жеке ишкер | Ноокен АШК, №4, 11.03.2024-ж. |
| 4. | | Олжобаев Эльбек Кеңешбекович | «Дыйкан Ордо» ЖЧК, башкы эсепчи | Ноокен АШК, №4, 11.03.2024-ж. |
| 5. | | Мурашова Курванжан Рахимжановна | №6 «Жылдыз» балдар бакчасы, директор | Ноокен АШК, №4, 11.03.2024-ж. |
| 6. | Сакалды айылдык (№3 Кыргызстан шайлоо округу) | Усубалиев Чынгыз Абдинасирович | «Сүйүнбай-Суу» сууну пайдалануучулардын ассоциациясы, жетекчи | Ноокен АШК, №4, 11.03.2024-ж. |
| 7. | | Камбаров Шерзоджан Адахамович | Жеке ишкер | Ноокен АШК, №4, 11.03.2024-ж. |
| 8. | | Мурашев Аширали Рахимжанович | Жеке ишкер | Ноокен АШК, №4, 11.03.2024-ж. |
| 9. | Сакалды айылдык (№4 Чоң-Багыш шайлоо округу) | Минбаев Фуркат Полотович | Жеке ишкер | Ноокен АШК, №4, 11.03.2024-ж. |
| 10. | | Альярова Чульчехра Абдыганиевна | Жеке ишкер | Ноокен АШК, №4, 11.03.2024-ж. |
| **Аксы району** | | | | |
| 11. | Ш.Назаралиев айылдык (№6 Жар-Башы шайлоо округу) | Барпыбаев Азенбек Канатбекович | Убактылуу иштебейт | Аксы АШК, №5, 25.03.2024-ж. |
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | | |
| **Сокулук району** | | | | |
| 12. | Крупская атындагы айылдык (№1 шайлоо округу) | Эсенгулов Арзымат Алмамбетович | Убактылуу иштебейт | Сокулук АШК, №4, 25.03.2024-ж. |
| **Кемин району** | | | | |
| 13. | Боролдой айылдык (№1 шайлоо округу) | Токтомушев Тариель Усенович | Дыйкан чарбанын мүчөсү | Кемин АШК, №10, 25.03.2024-ж. |

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



№24 (3577)
2024-жылдын 29-марты



# "КРИСТАЛЛ" ЗАВОДУНУН КЫЙРАШЫНЫН СЫРЫ...

Ошентип, жарым өткөргүч материалдарды (кремний) чыгаруучу "Кристалл" ишканасы мамлекеттин менчигине кайтарылды. Бул тууралуу Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети билдирди. Өлкөбүз үчүн стратегиялык жактан маанилүү ишкананын тагдыры татаал экен. Бул ишканага кимдер гана көз артпады. Чет өлкөлүк компаниялар атаандаштыктан коркушуп, иштетпөөгө болгон аракетин жасашыптыр. Аны биздин коррупционер жетекчилерибиз тикесинен тик туруп колдоп келишиптир. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүдө өзгөчө орунга ээ болгон Таш-Көмүр шаарындагы жарым өткөргүч материалдар заводунун базасында кремний өндүрүшүн жолго сала турган "Кристалл" акционердик коомунун кыйрашынын таржымалы коомчулук үчүн кызыктуу болору талашсыз. Антकेни, дүйнөдөгү ири державалардын өндүрүшү менен атаандашууга кудурети жеткен ишкана өз убагында ишке киришкенде Кыргызстан экономикалык жактан гүлдөгөн өлкөгө айланарына ишеним арткан адистер бүгүнкү күнгө чейин маселе көтөрүп келишет. Президент Аскар Акаевдин учурунда атайын "Кыргызэлектроника" корпорациясын түзүп, ал жерге илимдүү-билимдүү адистерди тарткан экен. Электрондук өнүгүүнү терең түшүнгөн окумуштуу Акаев алгачкы жылдары бул маселеге катуу көңүл бурган дешет. Тилекке каршы, көтөрүлгөн демилге аягына чыкпай, "Кристалл" ишканасы учурда аймактагы кооптуу жайга айланып отурат. Өлкөбүздө электроника өндүрүшүнүн башатында турган кесипкөй инсандар – Турсунбек Клычбаев менен Карыбай Турусбековду редакциябызга чакырып, алардын пикирин угууну туура көрдүк.



Карыбай Турусбеков



Турсунбек Клычбаев

## Кыргызстан үчүн архи-маанилүү объект

**Кабарчы:** ***Карыбай Турусбекович, Сиз көп жылдардан бери өлкөдө кремний өндүрүшүн жандандыруунун зарылдыгын айтып, жалпыга маалымдоо каражаттарына дагы жазып келесиз. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында өлкөбүздө электроника өндүрүшүн жолго салуу үчүн кандай аракеттер көрүлө баштады эле?..***

**Карыбай Турусбеков:** Ошо кездеги Президент Аскар Акаев өзү электроникага жат эмес адам болчу. Республикада электроника жаатында 16 мекеме-ишкана бар эле. Мындай мүмкүнчүлүк башка өлкөлөрдө болгон эмес. Өнөр жай министрлигинин алдында атайын башкармалык ачып, аны мен жетектеп, Турсунбек Баевич илим жагын тейлөөчү. Чынын айтсам үмүтүбүз чоң эле. Турсунбек Баевич көп сүйлөбөгөнү менен дал ушул электроника, анын ичинде кремний өндүрүшү боюнча табылгыс адис. Ленинграддагы Политехникалык институттун жарым өткөргүчтөр боюнча адистигине ээ болуп чыккан. Академик даражасына ээ. Анын окуучусу – Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры, Нобель сыйлыгынын ээси, кванттык электрониканын "атасы", академик Александр Михайлович Прохоров. Бул киши Таш-Көмүрдөгү заводду ишке киргизүү боюнча опол тоодой эмгек жасаган. Турсунбек Баевич "Кыргызэлектроника" мамлекеттик корпорациясын жетектеп турганда Таш-Көмүрдөгү жарым өткөргүчтөр материалдар заводунун базасында кремний чыгаруу боюнча биргелешкен өндүрүштү түзүү үчүн атайын программалык документке кол койгон. Электроника тармагынын адиси Акаевге үмүтүбүз чоң эле. Ал Прохоровдун эмгегин, бедели баалайт деп ойлогонбуз. Антkени, дал ушул Прохоровдун демилгеси менен орустар кремний өндүрүүнүн уникалдуу технологиясын иштеп чыгышкан. Тилекке каршы, эмгектин баары текке кетти.

**Кабарчы:** ***Турсунбек Баевич, эмне үчүн Сиз жетектеген корпорация максатына жетпей калды? "Кристалл" заводун ишке киргизүү менен экономиканы өнүктүрүүгө болор беле?***

**Турсунбек Клычбаев:** Бул өндүрүш өлкөнүн экономикалык гана эмес, дүйнөлүк коомчулукта саясый жактан да салмакка ээ болушуна өбөлгө түзөр эле. Дүйнө жүзү боюнча поликристаллдык кремнийди төрт гана мамлекет өндүрөт. Алар – Германия, Кытай, Япония жана АКШнын Силикон өрөөнү. Мына ушул өлкөлөр дүйнөдөгү кремний өндүрүшүн көзөмөлдөп турушат. Таш-Көмүрдөгү завод Союздун маалында 80-жылдардын орто ченинде курулган. Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы Турдакун Усубалиев, "Москвада көшөрүп жатып ушул заводду куруууга уруксат алгам" деген эле. Эмне үчүн Кыргызстанда ушундай завод курулушу керек эле? Антkени, ошол учурда ушул обьектини беш жыл иликтешкен. Эми мындагы эң башкы фактор – Нарын дарыясынын суусу кышы-жайы менен 6 градус температурада тургандыгы болгон. Бир сөз менен айтканда, технология боюнча Нарын суусу бардык талаптарга жооп берет. Экинчи фактор – калк жашаган шаарды бөлүп турган тоо бар. Заводдон бөлүнүп чыккан зыяндуу заттар ошол жердеги абанын агымы менен тазаланып турчу эле. Анан темир жол, көмүр бар, арзан электр энергиясы дегендей, окумуштуулардын бир топ талаптарына жооп бергендиктен завод курула баштаган. Ал убакта СССРдин Подольск заводунда гана кремний өндүрүлчү. Кыргызстан үчүн бул – архи-маанилүү объект болгон. Долбоор боюнча жылына 600 тонна поликристаллдык кремний, 16 миң тонна трихлорсилан чыгарылышы керек болчу. Бул эми полуфабрикат десек болот да. Аны ошол учурда Россиянын Подольск, Запорожье жана Железногорск заводдоруна алып барып кайра иштетүү керек эле. Азыр эми Россияда кремний чыгарган бир дагы завод жок.

Ал эми корпорация тууралуу айта турган болсок, ал Таш-Көмүрдөгү "Кристалл", Орловкадагы ХМК жана Бишкектеги ЭВМ заводдорунан турган комплекс эле. ЭВМ заводунда чип чыгаруу пландаштырылган, бирок аны мамлекет тарабынан каржылоо иши колго алынган эмес. Антkени өлкө башчысынын жанындагылар ал заводдордун иштеп кетишине кызыкдар эмес эле – биринчи жагынан, экинчи жагынан чет өлкөлүк атаандаштар да мүмкүнчүлүк беришкен жок. Ошого карабастан өзүмдүн аракетим менен сүйлөшүлгөн 100 млн долларга кредиттик макулдашуум бар эле. Ал дагы ички жана сырткы атаандаштардын кесепетинен ишке ашпай калды. Ошол учурдагы Өкмөт башчы: "Биз эми электроника боюнча Япония, Корея, Америкага жетпейбиз, ошондуктан корпорацияны жаап, колдо бар алтынды эле акырын иштете берели..." деп Президент Аскар Акаевге сунуш киргизген экен. Ошону менен "Кыргызэлектроника" ишканабыз ишин токтотууга мажбур болду.

**Кабарчы:** ***Кыргызстан өзүнчө мамлекет болгондо электроника тармагында 16 мекеме-ишкана болгон экен. Эми мунун баары кыйрады. Мына ушул тармакты өнүктүрүүгө артыкчылык берүүгө койгон максатыңыздын сыры эмнеде эле?***

**Турсунбек Клычбаев:** Дүйнө жүзү боюнча кремнийсиз бир дагы ракета учпайт, бир дагы компьютер иштебейт. Туура, ошол учурда "Кристалл" заводун иштетүү зарыл болчу. Анда технология азыркыдай өнүккөн эмес эле. Кыргыз кремнийи азыр деле дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө суроо-талапка ээ. Маселен, эки өндүрүштүк объектиден — жарым өткөргүчтөрдөн жана сейрек кездешүүчү металлдардан турган Орловка химия-металлургия комбинаты поликристалл кремнийине муктаж. Кажы-Сайдагы электр заводу электр диоддорун жана модулдарын өндүрүү үчүн кремнийди талап кылчу. Учурунда "Кристаллдын" продукциясына Россиянын, Украинанын жана Беларустун химия-металлургиялык заводдорунда кызыгуу көп болчу. Ал эмес Кыргызстандын кремнийин Германия, Тайвань жана Кытай сатып алгысы келчү.

**Карыбай Турусбеков:** Ошол учурда россиялык академик, Нобель сыйлыгынын лауреаты Александр Прохоров дал ушул "Кристалл" заводунда биргелешип поликристалл кремний өндүрүү үчүн супер-заманбап технологияны ойлоп тапкан болчу. Таш-Көмүр ишканасында өндүрүшү арзан, үнөмдүү, экологиялык жактан таза жана калдыксыз болмок. Мындай технологияларды ишке киргизүү менен бүт ата мекендик өнөр жай тармагын олуттуу түрдө жандантып алар элек. Бийлик кайдыгер болуп туруп алды.

Анан Тайвань демекчи, азыркы күндө ушул өлкө чип чыгарып, дүйнө жүзүнө өзүнүн шартын коюп келет. Алар кремнийди чет жактан ташып келишет. Ири держава болгон Кытай буларга атаандаша албайт. Чип деген продукция, кол жеткис товар болуп эсептелет.

## Кыргыз бийлигинин кайдыгерлиги

**Кабарчы:** ***Академик Прохоров "Кристалл" заводу үчүн уникалдуу технология иштеп чыкса, эмне үчүн бийлик аны пайдаланган жок?***

**Карыбай Турусбеков:** Ошол учурдагы бийлик мүмкүнчүлүк берген эмес. Кайдыгерлик кылышты. Прохоров өзү Бишкекке келген. "Кристалл" заводу үчүн иштеп чыккан долбоорун Турсунбек Баевич Женевада коргогон. Ошол учурдун алдыңкы технологиясы болмок. Прохоров Россиядагы бардык институттарды көтөргөн болчу. Таш-Көмүрдүн абасы Америкадагы Силикон өрөөнүнүн абасынан он эсе таза деген. Бирок, академиктин бир шарты болгон. Заводдун үлүшүнүн 25 пайызын сураганда, мамлекеттик мүлктү башкаруу комитетинин башчысы макул болбой койгон. Ошону менен мүмкүнчүлүк пайдаланылбай калган.

**Кабарчы:** ***Эмне үчүн Прохоровдун долбоорун Женевада сиз коргодуңуз эле?***

**Турсунбек Клычбаев:** Александр Михайлович ооруп калып, мен барып долбоорду коргогом. Кремний өндүрүшүн ишке киргизүү оңой иш эмес. Германиянын "Ваккер" компаниясы 3 миң



тонна кремний чыгарыш үчүн 40 жыл иликтеп келген. Ал эми биздин долбоор боюнча жылына 4 миң тонна кремний чыгаруу каралган болчу. Ошол убакта 1 килограмм кремний 500 доллар турчу. Анан Япония, Германия, АКШ мамлекети: "Кантип ушул чакан өлкө бизге атаандаш болуп чыга келет..." деп каршы болуп тикесинен-тик турушту да. Балким, ири өлкөлөр Аскар Акаевге ар тараптан кысым жасашкандыр. Айтуу кыйын. Атаандашуу деген кыйын нерсе да.

**Кабарчы:** ***Демек, кремний өндүрүшүнө бут тосуу болгон экен. Заводдун иштебей турушуна өзүбүздүн чиновниктер дагы кызыкдар болгон деген сөздүн канчалык чындыгы бар?***

**Турсунбек Клычбаев:** Бут тосуу болгон эмес деп айта албайм. Кремний өндүрүшү боюнча лидер өлкөлөр: "Кыргыздар өндүрүштү жасай алышпайт, бирок, Прохоров ишти алып кетет" деп ойлошкон. Менимче, мына ушундан коркушкан. "Ким маалыматка ээ болсо, ошол дүйнөнү башкарат" деген сөз бар. Маалымат деген эмне? Ал – электроника. Тагыраагы – чиптер. Азыр бир мүнөттө Америкадан маалымат алып жатабыз. Ошол убакта мен кремнийди иштетүү жана колдонуу боюнча Эл аралык Ассоциациянын мүчөсү элем. Анын штаб-квартирасы АКШнын Калифорния шаарында эле. Ошол убакта академик А.М. Прохоров өзүнүн командасы менен жарым кристаллдык кремнийди өндүрүү боюнча "жабык" цикл ("замкнутый" цикл) технологиясы аркылуу жетишкени дүң кабар болуп, кремний чыгаруудагы дүйнөлүк адистердин шаштысы кетип, "Кристалл" заводунун ишине ыкчам тоскоолдук жаратууга өтүштү. Ошол максатта алар Япония, Малайзия, Оман жана башка өлкөлөр Кыргызстанга атайын өзүлөрүнүн адистерин жиберишип, жаңы технология ("жабык" цикл) аркылуу кремний өндүрүү ишин токтотууга аракет кылышты. Бул, албетте, кадимки эле кыянаттык атаандашуу!..

## Кремний өндүрүшүнүн келечеги

**Кабарчы:** ***Кыргызстанда кремнийди өндүрүү үчүн жетиштүү запас барбы?***

**Турсунбек Клычбаев:** Таш-Көмүрдүн тоолорунда кварцит-тин запасы көп. "Кыргызэлектроника" корпорациясын жетектеп турганда республиканын аймагында 340 млн тонна кварциттин запасы бар экени аныктаганбыз. Мисалы: Талас өрөөнүндө – Балажан, Өтмөк, Жалал-Абад өрөөнүндө – Мазарсу, Жоң-Бакан, Авлатөр, Жаңы-Жол ж.б.

**Кабарчы:** ***"Кристалл"заводунун абалы азыр кандай? Аны жандандырууга болобу?***

**Турсунбек Клычбаев:** Адис катары бийлик тараптан заводду ишке киргизүү боюнча сурашкандар болду. Бүгүнкү күндө "Кристалл" заводун калыбына келтирүүнүн зарылчылыгы жок. Жаңы заводду куруу зарыл. Мага келген балдарга: "Ошол заводдун жанында жетиштүү жана ыңгайлуу жер бар. Ошол жерге жаңы завод куралы" деп айткам. Долбоорлор даяр, буга бийликтин гана саясий эрки керек. Анткени, Кыргызстанда техникалык кремний, мультикремний, монокремний бар. Бизде техникалык кремний өндүрө турган заводду иштетүүгө аракет кылган балдар бар. Мурда бул продукцияны Норвегиядан ташып келишчү. Монокремнийди Орловкадагы завод чыгарат. Ушул продукциядан чип, күн энергиясын кабыл алган пластиналарды чыгарса болот. Кыргызстан мына ушундай продукцияларды чыгарууга өтө ыңгайлуу өлкө катары таанылган учурунда.

